**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А. А. АЛТМЫШБАЕВ атындагы**
**ФИЛОСОФИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 09.22.657 Диссертациялык кеңеш**

Кол жазма укугунда
**УДК:172.1(575.2)(043.3)**

**Алымкулов Замирбек Аманбекович**

# Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези

09.00. 03 – философиянын тарыхы

философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферати**

**Илимий консультанты:**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор Бекбоев А. А.**

**Бишкек 2024**

–

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасында аткарылды

**Илимий кенешчиси:** **Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович,** философия илимдеринин доктору, профессор Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы философия институтунун жетектөөчү илимий кызматкери.

**Расмий оппоненттери:** **Токоева Гүлдана Самидиновна,** философия илимдеринин доктору, доцент Б. Осмонов атындагы Жалал Абад мамлекеттик университетинин Э. Уметов атындагы педагогика факультетинин деканы

**Усупова Чолпон Сабыровна,** философия илимдеринин доктору, доцент И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын философия жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы

**Джусупбеков Азизбек Кылычбекович,** философия илимдеринин доктору, Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын коомдук илимдер кафедрасынын профессору

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасы.

Диссертациялык иш 2024-жылдын 30 сентябрында саат 13.00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы философия институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), искусство таануунун жана маданият таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.22.657 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Коргоонун идентификатору: https://vc.vak.kg/b/092-awn-tnx-ylr

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.), Ж. Баласын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (720033, Бишкек ш., Фрунзе к., 547) жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянынтын сайтынан https://vc.vak.kg/b/092-awn-tnx-ylr таанышууга болот.

Автореферат 2024 – жылдын 30 августунда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, философия и. д.** **Осмонова Д. А.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Адамзат ой жүгүртүүсүнүн спираль өңдүү өзүнүн баштапкы чекитине жаңыланган мазмунда кайрылып келүүсү, "өткөндүн" башка жаңы доордо, жаңы кыртышта кайрадан кайталанышы философиялык ойлордун жөнөкөйдөн татаалга карай өнүгүүсүн мүнөздөйт. Этика тарыхый-философиялык кубулуш экендиги талашсыз, ал моралдык аң-сезимдин императиви катары алиге чейин илимий-теориялык жактан толук адекваттуу аңдала элек өтө татаал тармак. Адеп-ахлакты аңтарып, терең изилдеген И. Кант эки парадигмага - “асмандагы жылдыздарга”, андан кийин адамдардын жандүйнөсүндөгү “моралдык мыйзамдарга” таң калгандыгын баса белгилеп, адам баласын табийгый мейкиндиктен (айбантектен) нарк-насил “алып чыкканын” таасын белгилейт. Табийгый жолдо калыптанган жупуну коомдошкон “үйүрлүк стихиянын” коомдук жүрүм-турумга айланышы этикалык түшүнүк-түшүнүмдөрдүн жөнөкөйдөн татаалга карай өнүгүшү менен түздөн-түз байланыштуу. Коом менен кошо жаралган этикалык канондор тарыхый өнүгүүнүн ар бир “айлампасында” өзгөчө мааниге ээ болуп келгендиги талашсыз. Азыркы, ааламдашуу процесси менен жаңы технологиялык долбоорлор күч алган учурда моралдык аң сезимдин ички логикасы – жамандык менен жакшылыктын, абийир менен абийирсиздиктин чыңалган айкалышын ого бетер курчутуп келет.

Учурда коомдогу адамдын жашоосун аныктап турган социалдык-экономикалык, руханий чөйрөлөр кескин фундаменталдык өзгөрүүлөрдүн айлампасына аралашып, тарыхый келечек белгилүү-белгисиз тунгуюкка кептелип турат. Эгерде экономикалык, материалдык чөйрөлөр белгилүү деңгээлде түшүнүктүү кылка менен мүнөздөлсө, түрдүү маданий салт, адат, адеп, менталитет менен айырмаланган рухий тармактагы интеграциялык кубулуштар кыйла моралдык коллизияларды жаратууда. Ушундан улам учурдагы дүйнөтүзүлүштүн туруктуулугу жана ырааттуу өнүгүүсү адат, маданият, жашоо-тиричиликтин көп түрдүүлүгүн сактап калуу менен байланыштуу экендиги аксиомалык мүнөзгө ээ. Демек, “түрдүүлүктүн биримдиги” негизинде адамзаттын болмушунун рухий-адептик идеалы калыптанып атканы талашсыз. Мындай ой жүрүштүн өнүгүүсүндө адептик-этикалык маселелердин табиятына, башаттарына көңүл буруу белгилүү денгээлде актуалдуу.

Тарыхый-философиялык өнүгүүдө жашоо үчүн күрөшүү эрки, инстинкт тегиздигинен эс тутумга өтүп, ички өнүгүүсүнөн улам

реконструкцияланып ойломдук негизде баалуулук катары калыптанып, адептин алгачкы мифтик, космогониялык, натурфилософиялык, теистик формаларына айланган. Ал формалар - моралдык түшүнүктөр, социоэтикалык парадигмалар философиянын тарыхында, этикалык теорияларда чагылдырылган. Калыптанган түшүнүктөрдүн татаал чиеленген табиятын илимий-теориялык ойломдон өткөрүп, аныктоо өзү зарылдык. Философиянын тарыхында аныкталган моралдык категориялар, принцип, парадигмалардын конкреттүү формалары жөнөкөйдөн татаалга карай калыптанып өнүгүп келген. Өзгөчө биз иликтеп аткан мифологиядагы моралдын архетиптери жана орто кылымдагы чыгыш перипатетикалык ойчулдардын "диний адеп менен моралдын тиешелүүлүгү" биримдик принцибинен синтезделген таалиматындагы диний - этикалык категорияларды толук тактала электиги изилдөөнүн актуалдуулугун шарттап, илимий иштин өзөктүк сабын түзөт.

Концептуалдык диапозону алда-канча кеңири, маңызы терең бул түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагында жаңы доорго чейинки тарыхый-логикалык таанымдын катмарланган парадигмалары камтылган. Ошондуктан алар бир эле убакта чагылдыруунун, таанымдын, мамиленин, баалоонун, табияттан сырткаркы күчтүн формалары катары көрүнөт. Бирок барып-келип, бул фундаменталдуу этикалык экилтиктин (изгилик менен жамандык) өз ара айкалышы коомдук өнүгүүнүн деңгээлин аныктайт. Чыгыш перипатетиктеринин Аль Кинди, Аль Фараби, Ар Рази, Ибн Сина жана Ибн Рушд философиялык системасын, алардын тиешелүү трактаттарын анализдөө жалпылыктарды аныктайт: жалпы моралдык-этикалык ереже-түшүнүктөр субъективдүү кубулуш катары предметтүү дүйнөнүн конкреттүү жагдайларын, мамилелерин жана байланыштарын чагылдырат жана ушундан улам, алар, коомдук болмушту рухий өздөштүрүүнүн логикалык каражаты болуп эсептелет. Перипатетикалык этиканын дүйнөкараштык пайдубалын объективдештирүүчү философия менен субъектин объективдештирүү ыкмасынын синтези түзөт. Этикалык "Абсолют" – "Башмаңыз" (Первосущее) – өзүнөн өзү аныктайт, анткени анын маңызы менен кубулушу төп келет, ошондуктан ал абсолюттук мораль, физикалык метафизика перипатетикалык этиканы онтологиялаштырат. Этика перипатетиктердин интерпретациясында дүйнөкараштык, гносеологиялык жана логикалык функцияны аткарат. Ойчулдардын окуусундагы илимий-теориялык чектелгендиктери (онтология менен логиканын айрым ажырымдыгы) негизинен тааным процессинин тарыхый - конкреттүү мүнөзү менен түшүндүрүлөт.

Жогоруда учкай белгиленген жагдайлар моралдык аң сезимдин

баштапкы, анын теги менен байланышкан маселе – миф менен натурфилософиянын өз ара карым-катнашын, омоктуу чыгыш ойчулдары Аль Фараби, Ар Рази жана Ибн Синанын этикалык концепцияларын компаративдик нукта, теизм менен натурфилософиянын синтези катары изилдөөнүн илимий зарылдыгын – актуалдуулугун негиздеп турат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иштин темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий изилдөө багытына байланыштуу жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы философия институтунун илимий-тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

Илимий изилдөөнүн концептуалдык табиятын аныктаган диссертациялык теманын ички, имманенттүү логикасына ылайык натурфилософия менен теизмдин дал келген жана дал келбеген айкалышын, Аль Фараби, Ар Рази, Ибн Синанын “синтездик” мүнөздөгү моралдык концепттерин компаративдик нукта (салыштырып) изилдөө - иштин негизги максаты.

Аталган иштин концептуалдык багытын түзгөн илимий максат төмөндөгүдөй милдеттердин аныкталышын шарттады:

1. Теги бир, бирок маани-мазмуну боюнча айырмаланган диний түшүнүк менен натурфилософиялык доктринанын бирин-бири төгүндөп, бирине-бири “таянган” айкалышын карама-каршылыктын синтези жана протоморалдык аң-сезимдин формасы катары талдап, этикалык парадигманын гензисине сересеп салуу;
2. Протоморалдык аң-сезимдин мазмун-формалык уютуксун түзгөн архетиптик кубулуштардын эволюциясын иликтеп, алардын тарыхый-логикалык “кыймылын” аныктап, кандайча императивдик мүнөзгө ээ болгондугун, мазмундук тилкесинин жаңы тепкичке трансформациялангандыгын тастыктоо;
3. Мифологиялык, мифоэпикалык, диний этикалык ченемдердин турмуштук тажрыйбаларды жалпылоосунун натыйжасында түшүнүк формаларына айланышын конкреттүүлкүтүн абстракциясы катары карап, алардын категориялык белгилерин аныктоо;
4. Батыш философтору тарабынан үстүртөн каралып, жөн гана комментаторлор деп бааланып келген орто кылымдардагы чыгыш философиясын концептуалдык өзгөчөлүгүнө токтолуп, алардын теисттик, натурфилософиялык мүнөздөгү этикалык таалиматтарындагы моралдык

түшүнүктөрдү принциптерди анализдөө, окууларындагы этикалык жалпылыктарды жана жекеликтерди аныктоо;

5. Оригиналдуу философиялык эмгектеринин натыйжасында “экинчи Аристотель” деген ыйык наамга ээ болгон, орто кылымдагы перипатетикалык этиканы негиздеген Аль Фарабинин адеп-ахлак системасын, андагы моралдык түшүнүктөрдүн тутуму аркылуу иликтеп, “фарабилик этика” менен “аристотелдик этиканын” айырмалуу жалпылыктарын тактоо, “фарабилик моралдын” логикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

6. Абу Бакр ар Разинин моралдык таалиматындагы этикалык, дианоэтикалык түшүнүктөрдүн натурфилософиялык онтологиясын, гносеологиялык сегменттерин, логикалык табиятын, императивдик функцияларын талдоо;

7. Теизм менен натурфилософиянын өзгөчө синтезин жараткан философ-ойчул жана табият иликтөөчү Ибн Синанын этикалык концепциясын конкреттүү ойлом материалдары аркылуу иликтеп, андагы жосундук иш аркеттердин негиздерин аныктап, адеп-ахлак билимдин бир формасы катары каралган өзгөчө “авиценалык концептти” тастыктоо;

8. Ибн Сина мораль менен социалдык чөйрөнүн ийкемдүү шартта өнүгүшүн кылдат баамдаган. Адамдын өзүн-өзү тааный билүүсүнүн зарылдыгына басым жасаган концептуалдык пикирин, эрктүүлүк, анын табигый негизи болгон физиологиялык факторлорго тутумдаштырып адилет аныктагандыгын буга чейин карала элек тарыхый-философиялык булактардын негизинде тактоо;

9. Изилдөөнүн өзгөчөлүгүн аныктаган, рухий императивдер - философия, дин жана мораль феномендеринин өз ара карым-катнашын, карама-каршылыгын, биримдигин кылдат ажырымдап-тактап, алардын онтологиялык тектүүлүгүн, тааным табиятын, логикалык бөтөнчөлүгүн аныктоо.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы** төмөнкү жыйынтыктарда камтылат:

1. Байыркы мифтердеги космогониялык жана космологиялык дүйнөкараштын өзөгүн түзгөн социалдык элементтер, моралдык ченем-сегменттер, алардын туундусу болгон ырым-жырым, адат, күнүмдүк жосундук иш аракеттер “адамдашкан табияттын” философемалары болуп эсептелет. Моралдын баштапкы формаларын изилдөөнүн негизги максаттарынын бири алар (моралдык философемлар) архетип, бейаңдык форма катары аң-сезимдин түпкүрүндө сакталып калат жана белгилүү бир кырдаалда реалдуу (табийгый) күчкө ээ болот. Моралдык аң-сезимдин бүгүнкү күнгө чейин толук аңдала элек философемалык формаларын иликтөө мына ушул жагдай - адам табиятынын биосоциалдык башатын адекваттуу

аңдоого белгилүү деңгээлде шарт түзөт.

2. Мораль менен дин – өз-ара чиеленишип, өтмө катар чектешкен, концептуалдык жактан тогошкон кубулуш, анткени алар онтологиялык жактан тектеш, гносеологиялык формасы боюнча бири-бирине жакын. Кудай-Жаратканды улуу изгилик (жакшлык) катары караган теодицея проблемасы Батыш Европанын рационалдуу диний философиясына көбүрөөк мүнөздүү экендиги адистер тарабынан тастыкталып келет, бирок бул аталган философеманын айрым бир концепттери бүтүндүктүн элменти катары перипатетикалык этикага да салыштырмалуу тиешелүү. Дүйнөдөгү жамандык менен ажалдын бардыгы «Жогорку аң сезимдин» (Кудайдын) ырайымдуулугуна жана кудуреттүүлүгүнө, «жамандыксыз тунуктугуна» шек келтирбейт, тескерисинче рационалдуу мүнөздө Жаратკандын абсолюттук изгилигин актайт. Башкача айтканда, теодицея көйгөйү – бул жакшылык менен жамандыктын өз ара мамилесинин диний мааниге өткөрүлгөн формасы.

3. Перипатетикалык этика диний фикх доктринасын болумдук тажрыйбага ылайык рационалдаштырууга аракеттенип, философиялык нукта моралдык сентенция катары интерпретациялайт. Моралдык баалуулуктардын критерийи иретинде эки этикалык ченем пайдаланылат: жосун (иш аракет), жакшы (хасан), же жаман (кабих). Жеке мааниде *хусн, кубх* түшүнүктөрү кандайдыр бир заттын же нерсенин табиятынын сонундугун, даамдуулугун, же начар, кополдугун, ачуулугун туюндуарт. Ал эми этикалык ой жүгүртүүдө айтылган категориялар “мактоого арзыган” (*хамд*) жана “сынга алынган”(*замм*) түшүнүктөрү жосундук ченемден башат алат. Баамдоонун мындай бинардык системасы өзүнүн мазмундук табияты боюнча салыштырмалуу (эки карама-каршы түшүнүктөрдүн салыштырмалуу мамилеси) деп эсептелинет.

4. Аль Фараби өзүнүн социо-этикалык концепциясында натыйжалуу ыкма катары – компаратив, салыштыруу жана карама–каршы коюу ыкмаларын колдонгон. Адамдык оң жана терс сапаттар бири-бири аркылуу аныкталаарын, позитивдүү сапат негативдүү сапат аркылуу, негативдүү жүрүм позитив жүрүм аркылуу “бинардык компаратив” катары аныкталаарын тастыктаган. Сапаттардын карама-каршы, оң же терс, касиеттери этикалык карама-каршы ченемдердин негизи экендигин тастыктап, “адептик жетилген мыктылык” менен “тулкулук жетилген мыктылыктын” айрымасын аныктаган.

5. Аль-Фараби адеп-ахлакты табияттын жана коомдун өзгөчөлүктөрү менен байланышытырып, адилеттүүлүк, кыраакылык, топуктук, айкөлдүк сыяктуу касиеттерди алардын антиподдору менен салыштырып анализдеп, этикалык баалуулуктар “абийир”, “жоопкерчилик” , “милдет” өңдүү моралдык ченемдер менен тыгыз байланыштуу экендигин тастыктаган.

Ойчул“адаб”, “ихсан” жана “хубб ал-жамийи” тшүнүк-абстракциялар аркылуу адеп-ахлактын көп кырдуу конкреттүүлүгүн мүнөздөгөн. Акыл-эс, жандүйнө жана ырахат кубулуштары Ал-Фарабинин этикалык системасынын негизин түзүп, андагы жорук-жосун, жүрүм-түрүм сыяктуу болумдук феномендерди аныктап турат.

6. Ар-Рази моралдык парасатты билим менен байланышытырып, билим табышмактуу чындыктын “жарыгы” экендигин, мораль менен акыл түгөйлөш экендигин, туура акыл экчей билген адам сейрек жаңылышаарын баса белгилеген.

7. Ибн Сина натурфилософиялык “заттык форма теориясын” иштеп чыгып, ар бир нерсе баштапкы беш элемент - жер, суу, аба, от жана эфирдин айкалышкан кошулмасы экендигин белгилеп, ааламдын жаралышын “зарыл-негиз”, “мүмкүн-негиз” жана “өзгө аркылуу-негиз”деген баштапкы себептер менен байланыштырган. Ойчулдун пикирине ылайык этиканын негизин түзгөн парадигмалар – “жамандык” менен “жакшылык” адам баласынын акыл-эсине жана эркине түздөн-түз байланыштуу. Абийирдин тазалыгы, акылдын тетиктигине жараша болот; абийир интуитивдүү сезим-туюм эмес, ал интеллкетуалдык жөндөм деп эсептейт Ибн Сина.

8. Авиценанын адептик идеялары моралдык аң сезимге негизделген, анын этикалык окуусу метафизикалык нукта болгон, ал динге жана диний адеп-ахлакка ачык каршы чыккан эмес. Моралдык аңсезимдин деңгээлин аныктаган негизги рухий күч – бул эрк. Ибн Синанын ою боюнча, адам эмнеге жетем деп максат койсо, ал максат күчтүү эрк аркылуу жүзөгө ашат. "Этика - бул туура жана адептүү жашоонун илими жана ал философиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат" деген сентенция авиценалык этиканын концептуалдык негизи болуп эсептелет.

9. Теизм менен натурфиллоософиянын синтези болгон перипатетикалык этика өзүнүн ички логикасы жана структурасы боюнча өтө татаал, анткени ал тарыхый кырдаалдын катаал логикасы менен шартталган. Перипатетикалык этиканын Аристотелдик классикалык этика менен байланышы өз мезгилинин энциклопедисттери болуп, орто кылымдагы илимди байытып, антикалык дүйнөдөгү логикалык жана гносеологиялык идеяларды андан ары өнүктүргөн чыгыш перипатетизминин өкүлдөрүнүн жана жалпы эле чыгыш перипатетизминин тарыхый жана теориялык маанисин төмөндөтө албайт. Эгерде чыгыш перипатетиктери болбогондо Сигер Брабантский адилет белгилегендей, антикалык философия, анын ичинде классикалык этика, байыркы доордун урандысына басылып калмак.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Проблеманын имманентүү логикасына ылайык, алдын ала такталган теоретикалык-методологиялык принциптери аркылуу аныкталып, жогоруда

кыскача туюндурулган изилдөөнүн илимий жаңылыктары анын концептуалдык маңызынан келип чыккан илимий-практикалык маанисин айгинелейт. Иликтөөгө алынган проблеманын диссертациялык изилдөөдө философия тарыхы илиминин метафилософия катары конкреттелишине; диалектика-логикалык принциптердин такталышына; философиянын генезисин шарттаган өбөлгөлөрдүн концептуалдык базасынын кеңейишине; чыгыш перипатетизм философиялык системасынын өзгөчөлүгүн, диалектико-логикалык көз караштын калыптанышын системалаштырууга реалдуу мүнкүнчүлүктөрдү түзүп изилдөөнүн илимий теориялык маанисин шарттап турат. Изилдөөнүн жыйынтыктарын философия, философия тарыхы, этика-эстетика боюнча лекцияларды, атайын курстарды, семинарларды, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлган негизги жоболор:**

- Мораль менен диндин терең, ажырагыс байланышы, алардын ортосундагы чыңалган формаларын жокко чыгарбайт, ал маселе карама-каршы эки позициянын калыптануу процессинде чагылдырылат. Кудай болбосо, адеп-ахлак болбойт деген теисттик көз караштa диний адеп-ахлак гана бар, ал эми атеисттик принциптен алганда диндин адеп-ахлаксыздыгы же адеп-ахлактын диний эместиги ырасталат;

- Максаты боюнча фикх менен жакын турган исламдагы этикалык ой анын ченемдик баалоо системасын пайдаланат. Алар, беш категорияга (“хамсат ахкам”) бөлүнөт: 1.Милдеттүү, сөзсүз аткарылуучу (важиб, фард), 2. Сунушталганы (мандуб, сунна), 3. Көңүл кош (мухаб), 4. Сунушталбаганы (макрух), 5. Кечиримсиз (харам, махзур);

- Жосун менен рухтун аффектилери адамдын адебин түзөт. Адеп жаратылыштан эмес, күнүмдүк адаттан, өнөкөт, көндүмдөн пайда болот. Жагымдуу иш аракет изгиликке, ал эми жагымсыз жоруктар бузукулукка алып келет. Изгилик да, бузукулук дагы адат, өнөкөттөн пайда болот. Изгиликтер интеллектуалдык жана этикалык сапатка бөлүнөт. Этикалыкка: адептүүлүк, эр жүрөктүк, нысаптуулук, берешендик; интеллектуалдыкка: акылмандык, зейректик, курч акылдуулук кирет;

- Изгиликтин этикалык жана дианоэтикалык бөлүнүшүн Аристотелден өздөштүрүү менен Аль Фараби алардын пайда болуш себептерин табууга жана анын маңызын ачууга аракет кылат. Мына ушундан улам философ ой жүгүртүү изгилиги жана этикалык изгилик бири-биринен бөлүнбөстүгүн көрсөтөт;

- Аль-Фараби боюнча адам табиятынан баштап эле “тубаса токуучу же катчы” болбогондой эле, адам изгиликтүү же бузуку болушу мүмкүн эмес. Бирок ал табияттан изгиликке же бузукулукка байланышкан абалга жакын

болушу мүмкүн, ошондуктан ага бул абалдан чыккан аракетти жасоо оңой болот. Бирок, изгиликке табигый жакындык изгиликтүүлүк болуп саналбайт. Изгиликке жакындык – маанилик ченемди алып жүрбөсү өзүнөн-өзү түшүнүктүү;

- Негизги деп аталган Ал-Фарабинин этикалык категорияларынын түзүмдүк принциптери башка өңүттөгү изилдөөлөрдү талап кылат. Аристотелдик категорологиянын алкагында Фарабинин этикалык принциптери жалпы жагынан окшош болсо да, диний көз караштар элемент катары бары бир үстөмдүк жасаган.

- Ар-Разинин көз-караштарына ылайык адамдын бир дагы жорук-жосундук иш-аракети, ишмердүүлүгү күн мурунтан белгиленген эмес. Ошондой эле, адамдык сапаттар да белгиленген эмес, тескерисинче, адамдын бардык жорук-жосуну жана анын мүнөзү социалдык жашоо процессинде калыптанат, же ал өз каалоосу менен жана өз ыктыяры менен жашайт.

- Ибн Сина социалдык чөйрөнү талдаганда адамдын өзүнүн гуманисттик маңызын, салыштырмалуу түрдө эркин болушун турмушка ашыруу мүмкүнчүлүгүн береби же, тескерисинче, адеп-ахлактуу тарбиялоонун негизги максаттарын деформациялоого алып барабы, толук жетилбеген инсанды калыптандырабы деген көз караштан талдайт. Бул анын шариаттын эрежелерине ылайык жашаган «Адилеттүүлүк шаары» жөнүндөгү ой толгоолорунда өзгөчө даана байкалат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

Теманын тандалышы, пландаштырылышы, материалдардын топтолуп системалаштырылышы, анализдениши жана жарыкка чыгарылышы диссертант тарабынан аткарылды. Илимий изилдөөдө диний адеп-ахлак баалулук постулаттары менен моралдык-этикалык түшүнүктөрүнүн калыптануу өзгөчөлүктөрү философиялык талдоого алынды. Негизги илимий жоболор менен корутундулар аталган багытта жеке изилдөөлөрдүн натыйжасы болуп саналат.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору философия тарыхы, чыгыш философиясы өңдүү жалпы жана атайын курстарда колдонулуп, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттерине жана аспиранттарына окулдуу ошондой эле республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда, тегерек столдордо жасалган докладдарда жана талапкердин макалаларында чагылдырылган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.**

Диссертациялык иштин натыйжалары 20 илимий макалада, Scopus, РИНЦ системаларына кирген журналдарда жарыяланган.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш

киришүүдөн, төрт баптан, баптарга камтылган 11 параграфтан, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын **киришүү** бөлүмүндө изилдөө темасынын актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлган негизги жоболор, апробация, материалдардын жарыяланышы, изденүүчүнүн жеке салымы жана иштин түзүлүшү боюнча кыскача маалыматтар камтылган.

### Бап 1. Этикалык концепциялардын эволюциясы жана моралдык аң-сезим

Философия, логика философиялык жана лингвистикалык талдоо аркылуу бул процесстерге өзүнүн баасын берип келет. Социалдык философия, этика коом менен адамдын ортосунда өз ара мамилесиндеги адам укуктары менен эркиндиги, социалдык адилеттүүлүк, этикалык ченем жана баалулуктардын көйгөйлөрүн чечип учурдун талабына ылайык жооп бергени маанилүү көрүнүш.

#### 1.1. Адептик – этикалык концепциялардын тарыхый-философиялык өнүгүшү

Илимий талдоонун алкагында моралдын башатын аныктаган этикалык теориялар жана моралдык идеалды интерпретациялоодо келишпеген агымдар өз ара натуралисттик, социологиялык, антропологиялык концепцияларга ажыратылат. Идеал боюнча бөлүнүшүндө этиканын тарыхында карама каршы концепциялар каралган гедонисттик, эвдемонисттик жана ригористтик агымдар. Моралдын башатын адамдын табиятынан, башкача айтканда, инстинкттен алып чыккан натуралисттик концепциянын көрүнүктүү өкүлдөрүнө Ч. Дарвин, Г. Спенсер, Дж. Хаксли, Ч. Уитман, М. Рюиз, К. Лоренц, П. Кропоткин кирет. Натуралисттик концепция XX-кылымдын аягындагы этология, социалдык биология, эволюциялык теория, генетика жаатында ачылыш болгон көптөгөн илимий натыйжалардын негизинде өнүгүп чыккан. Биологиялык эволюциянын мыйзамдары коомго келгенде иштебей калат, себеби мораль пайда болот, деген Ч. Дарвиндин оюна карабастан Спенсер жашоого болгон күрөш баары бир жүрө берет деген пикирин айткан. Жаратылыштагы жашоо үчүн күрөштөн айырмаланып, коомдогу күрөш индивиддердин, тайпалардын арасындагы иш аракеттерден, жорук, жосундан ачылат. Иш аракет адилеттүү же адилетсиз деп адептик ченемден бааланат.

Социобиологдор жаныбарлардын жүрүм-турумунда, уюмдашуусунда социалдык формалардын эволюциялык элементтери болушу мүмкүн деген идеяны айтышкан. Ал эми айтылган идеяны адамдын жүрүм-турумундагы

баштапкы эволюциялык биологиялык түзүлүшүнөн табууну үмүттөнүшкөн. Жаныбарлар дүйнөсүндө пайда болгон эволюциялык факторлорду адамдын жүрүм-турумунан издөө натуралисттик багыттын негизги максаты болгон жана мораль адамдын өзүнөн келип чыгат деген принципти алдынкы орунга койгон.

Адептик сапатты коомдун социалдык уюштуруусунун натыйжасы, түрү катары чагылдырган социологиялык багыттар. Негизги өкүлдөрү: Т. Гоббс, Дж. С. Милль, К. Маркс, Э. Дюркгейм, М. Вебер.

Моралды социалдык биримдиктен ажыратуу мүмкүн эмес. Адептик функцияны аткарган маанилүү тарабы бул эмгектин бөлүштүрүлүшү. Э. Дюркгейм эмгек бөлүштүрүүнүн моралдык баалулугу маселесин ачып берүүдө мындай дейт – “Анын аркасы менен индивид өзүн коомдун алдында көз каранды экенин түшүнөт. “...эмгектин бөлүнүшү социалдык биримдиктин маанилүү булагы болгондуктан, ал моральдык эрежелердин, тартиптин негизи катары калыптанат”. [1, 5 - б.]

Адептин элементтери адамдын тубаса, ажырагыс сапаты катары караган антропологиялык концепциялар, мисалы акыл-эс же эмгекке жөндөмдүүлүк. Өкүлдөрү Аристотель, Ж. Ж. Руссо, Э. Фромм, Ж. П. Сартр.

Ж. П. Сартрдын айтымы боюнча чыныгы тандоо акыл – эс аркылуу эмес, адамдын иш – аракетинен, кылган кылык жоругунан келип чыгат. Сенини жасаган кадамыңан гана билинет эмнени тандагандыгың. Аткарылып калган иш - аракеттин өзү тандоо. Себеби моралдык аң сезим моралдык тандоодон алыс кете албайт. Адам эмнени тандаарына күч кубаты толук жетпей калуусу мүмкүн. Сартр боюнча биз “айласыздан эркиндикке дуушарбыз”, башкача айтканда тандабай коюу бул өзү тандоо.

Адептик ченемдердин Кудайдын кандайдыр бир трансценденталдык булагынан, идеялар дүйнөсүнөн келип чыккан деген концепциянын өкүлдөрү. Платон, Августин, Фома Аквинский, ошондой эле орус диний философтору В.С. Соловьев, П.А. Флоренский, Е.Н. Трубецкой, С.Л. Франк, С.Н. Булгаков, Н.А. Бердяев.

Жогоруда каралган этикалык теориялардан улам биз, динний – этикалык концепцияларды да кыскача карап маалымдап, адептик дефиницияларына токтолуп өтсөк.

Христиандык дин таалиматы адептик түшүнүктөрдө, сезимдерде “сүйүү, уят” адамдын эркине байланыштуу сапаттарында “сабырдуулук кармоо, сыйынуу ибадатында” (служение, поклонение богу) теологиялык этикада өзүн чагылдырып турат. Айтылган элементтер биригип христиандык моралдык аң-сезимди түзөт. Дин тегинен моралдын башкы өзгөчөлүгү эсептелип, негизги жоболор, эрежелеринин жыйындылары менен милдеттүү байланышта коюлат. Абстрактуу мазмундагы христиандык моралдын негизги

нормалары да салыштырмалуу туруктуулугу менен айырмаланат.

Христиандык мораль коомдогу, үй-бүлөдөгү адамдардын өз ара мамилесин жөнгө салган айрым ченемдердин (эрежелердин) жыйындысын камтыйт. Ыйык китептеги осуяттар, евангелиялык кайрылуулар ушундай. Ал жыйнактар христиандык моралдын чиркөөлүк кодекси жактырган, расмий деп атоого мүмкүн болгон чогултманы түзөт. Христинадык дүйнөдө негизги моралдык нормалардын келип чыгышы, Он осуяттын Кудай тарабынан Моисейге берүү формасында баяндалат. Ал диндин моралдык ченемдери Моисейдин осуяттары менен гана бүтпөйт, рухий кайра жаралуунун зарылдыгын жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүү менен толукталат, бул тууралуу Иисус Христос жыргалчылык (благо) жөнүндөгү “Нагорная проповедь” насыятында айткан.

Он осуяттын биринчи төртөө моралдык көз караштарга байланышы жок. Аларда адептик ченемдер эмес, байыркы еврей дининин диний эрежелеринин ырым-жырымдык буйруктары белгиленген. Чыныгы адеп-ахлак – бул адамгерчилик. Жамааттык (община) жашоонун кызыкчылыктары адамдардын өз ара жардамын, достугун талап кылат. Анда адамзаттын коомдук турмушунун айрым жөнөкөй эрежелери чагылдырылган: ата-энеге урмат менен мамиле кылуу талабы, өлтүрүүгө, уурулукка, ушакка, бузукулукка, көрө албастыкка тыюу салуу. Көпчүлүк тарабынан жалпы кабылданган осуяттар болуп саналат –алар моралдык ченемдер – “өлтүрбө”, “уурдаба”, атаң менен энеңди кадырла”, “коңшуңа, жакын адамыңа жаман санаба”.

Моралдын ар кандай кодексинин негизинде белгиленген баштапкы принцип, адамдардын жүрүм-турумун адеп-ахлактык баалоонун жалпы критерийлери жатат. Христианчылык жүрүм-турумдагы жакшылык менен жамандыкты, адептик менен адепсиздикти айырмалоонун өзгөчө критерийлерине ээ. Христиан дини өз критерийин – Кудай менен түбөлүктүү жыргал жашоо үчүн жеке өлбөс жанды куткаруу кызыкчылыгын көтөрүп чыгат. Христиандык уламалар Кудай адамдардын жанына кандайдыр бир жалпы, өзгөргүс абсалюттук “адептик мыйзамды” киргизди деп айтышат. Христианин “диний адептик мыйзамдын бардыгын” сезет, адеп-ахлактуу болуу үчүн, ага өз жаны менен кудайдын үнүн угуу жетиштүү.

Алгач “Ислам этикасы” деген сөздүн маанисин түшүндүрүүгө чейин, “Ислам” деген терминдин өзүнүн маанисин чечмелөө зарыл. Ислам жогорку адептүүлүккө, изгиликке умтулууну көздөгөн түшүнүк деп аныкталат. Себеби, Ислам деген сөз араб тилинде “слм” уңгусунан пайда болгон, “аман-эсен болуу; бүтүн бойдон, зыянга учурабай сакталып калуу”, “аман болуу; кутулуу” деген маанилерди билдирет. Ислам деген сөздүн өзү “багынуучулук”, “аман болуу”, “ынтымакташуу” деп которулат. Ошентип,

бул сөздүн үч мааниси бул диндин үч негизги жобосун түшүндүрөт.

1) Багынуучулук, баш ийүүчүлүк;

Адам исламды кабыл алуу менен Аллахка баш ийет, тактап айтканда, Кудуреттүү күчтүү Кудайдын, анын жалгыз экенин, анын китеби жана пайгамбары бар экенине ишенгенин билдирүү менен чыныгы диндин жактоочусу болуп саналат.

2) Аман болуу;

Ислам сөзү салям “аман болуу, эсенчилик, жыргалчылык, байгерлик (благо)” сөзү менен уңгулаш. Ошондуктан адам исламды кабыл алуу менен баш ийбестик, көп кудайга ишенүүчүлүк (ширк), шектенүү, балакет – бир сөз менен айтканда, бардык жалган ишенимдерден жана тескери жашоо мүнөзүнөн кутулууга ырайым табат. Кырсыктарды артка калтырып, бакытка жол ачат деп түшүндүрүлөт.

3) Ынтымакташуу;

Мусаляма сөзү “ынтымакташуу” – ислам сөзү менен уңгулаш каралат. Бул чыр-чатак жана карама-каршылыктарды артка калтырып, достук байланыштарды бекемдөө, макулдашууга алып келүүчү жакындоо жолдорун издеп табуу керектигин билдирет. Адам исламды кабыл алып коомдун башка мүчөлөрү менен тынчтыкта жашоо, мамилелерин жөнгө салуу каалоо-тилегин аныктайт. Жогоруда айтылган салям сөзү ислам сөзү менен уңгулаш болуп саналат. Ислам – бул ынтымакташуу, элдешүү дини экенин билдирүү үчүн пайдаланылат. Ислам адебинин максаты адамдардын абстракттуу талаштарын канааттандыруу же кандайдыр бир адеп-ахлактык теориялардын системасынын курулушу болуп эсептелбейт. Ислам адеп-ахлак чөйрөсүндөгү адамдын практикалык керектөөлөрүнө жооп берүүнү өзүнүн алдына максат кылып коёт, себеби, ислам адам адебиндеги кемчиликтерди баамдоого мажбурлайт жана ошол кемчиликтерди ондоо мүмкүнчүлүктөрүн берет. Бир сөз менен айтканда, жашоодогу адеп-ахлак негиздерин колдонууну камсыздоо.

### 1.2. Моралдык аң-сезимдин концептуалдык өзгөчөлүктөрү

Социумдун алдында, моралдык баалуулуктарды өздөштүрүү, коюлган ченемдерине, принциптерине жана эрежелерине ылайык жашоо, идеалга багыт алуу көйгөйлөрү турат. Этика философиялык илим, коомдук аң-сезимдин формасы, адам жашоосунун маанилүү бөлүгү, коомдук болмуштун өзгөчө бир кубулушу катары моралды, адепти изилдейт жана үйрөтөт. Этика моралдын башка коомдук мамилелер системасындагы ордун билдирип, анын жаратылышын, ички түзүлүшүн анализдейт жана адеп-ахлактуулуктун тарыхый өнүгүшүн, пайда болушун иликтейт.

Мораль жана анын концептуалдык маңызын туюндурган этикалык түшүнүк, жоболор татаал табигый-социалдык процесстердин

мыйзамченемдүү туундусу экендиги илимий-практикалык жактан тастыкталган. Коомдун, жашоо - турмуштун универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрдүн натыйжасында өнүгүшү, анын рухий көрөңгөсүн түзгөн моральдык-этикалык парадигмалардын эволюциясы менен тыгыз, өтмө-катар байланыштуу. Ал өзүнүн имманенттүү табияты боюнча кайдадыр катып калган, сенек, өнүгүп-өзгөрбөй турган кубулуш эмес, тескеринче коомдун табигый эволюциясы (өзүн өзү аңдашы) менен тектеш, аны менен кошо илгерилеп келген салыштырмалуу көрүнүш. Демек, моралдык-этикалык таанымдын мазмундук талаасы тигил же бул коомдук түзүлүштүн, мезгил менен мейкиндиктин конкреттүү тарыхый алкагы менен шартталган. Мындан тышкары мораль жана аны илимий-теориялык жактан сыпаттаган этикалык түшүнүм-түшүнүктөр ар кандай коомдук түзүлүштөр гана эмес, ар кандай коомчулуктар (коомдук күчтөр, тараптар, катмарлар, таптар) аркылуу ар кандай мазмунга ээ.

Мораль (адеп-ахлак) тез-заматта калыптана калбайт, ал абстрактуу кубулуш эмес, ошондой эле конкреттүү-тарыхый нерсе менен да чектелбейт. Адеп-ахлак абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн, жалпылык менен жекеликтин өз ара жалгашкан айкалышы. Жаман эмес, жакшы деп сыпатталган билим-илим моралдын тикеден-тике көрүнүшү эмес, бирок катализатору. Моралдык-этикалык түшүнүктөрдүн жандуу диалектикалык табияты мына ушунда.

Адеп-ахлак адамдардын жан дүйнөсүн мүнөздөп, алардын өз ара мамилелери аркылуу дааналанып, конкреттүү мазмунга ээ болот. Мораль белгилүү деңгээлде жеке адам – индивидге (анын жеке мүдөө-талаптарын коомдук кызыкчылыктардан келип чыккан чектөөлөргө мажбурлап) карама-каршы турат. Башкача айтканда коомдук мораль менен жеке инсандык мораль кайчылаш келет, бирок мындай кырдаал жалпысынан антагонисттик абалдын деңгээлине чейин көтөрүлбөйт, анткени жашоо (тарых) логикасы (жалпылык менен жекеликтин айкалышы) кетенчиктеп-илгерилеп өр тартууга багытталган.

Моралдык аң сезим эң жогорку апеллияциялоо жана санкция берүү күчүнө ээ, анын алкагына сыйбаган жорук-жосундардын же андан да жалпы – идеологиялык кубулуштардын келечеги жок. Качан гана моралдык аң сезим коомдук прогресс менен үндөш болгондо инсан үчүн жалпы ыңгайлуу шарт түзүлөт. Мындай учурда мораль өзгөчө шыктандыруучу интеграциялык кудуретке ээ болот.

Моралдын чыныгы позитивдүү турпаты, кайсы бир деңгээлде, биринчиден, тигил же бул инсандын жеке өзүн-өзү туура баалашына (өзүнө-өзү адекваттуу баа беришине); экинчиден, анын өзүнө карата сынчыл мамилесине жараша болот. Мораль кандайдыр конкретүү фактылардын

жалпыланышы эмес, ошондой эле ал тигил же бул конкреттүү фактыга тиешелүү эмес. Мораль индивидуалдуу формага ээ эмес. Ушундан улам философтор көбүнесе моралдын идеалдык конструкцияларын түзүп келишкен (Платондун идеалдуу өлкө жөнүндөгү окуусу, Спинозанын субстанциялары, Канттын ноумендери ж.б.).

Моралдын ички парадоксу (карама каршылыгы) мына ушунда: ал конкреттүү фактылар менен дал келбейт (чектелбейт), ал эми анын сырткы парадоксу – аморалдык жана имморалдык көрүнүштөр менен болгон алакасында. Диалектикалык коллизия, айрым учурларда аморалдык көрүнүш моралдык алкакка айланат, же тигил же бул чектелген топтун, индивиддердин моралдык жоболору коомдук моралдын деңгээлине көтөрүлөт (таңууланат). Буга табияты боюнча аморалдык жоболордун системасына карата моралдык бунт болгон жалпыга маалым Сократ менен Афиняндардын оптимисстик трагедиясы күбө. Парадоксалдуу кубулуш ошол эле убакта, прогрессивдүү дүрмөткө эгедер моралдык аң сезимдин табышмактуу табияты анын ички карама каршылыгында.

Моралдык аң-сезимдин «жакшы», «жаман» категориялары колдонулуп күнүмдүк, тажрыйбалык шарттагы жосундук иш-аракет тескелет, ошол эле мезгилде, ал категориялар жалпысынан коомдун, мамлекеттин иш аракетин баамдайт. Демек, мораль күнүмдүк социалдык тажрыйбада регулятивдик функцияны аткарган элемент гана эмес, ал дүйнө түшүнүүнүн өзгөчө формасы. Мораль жалпы адамзатка тиешелүү нормативдик императив эсептелген «уурдаба», «ушак айтпа», ж. б. айкын чындыктарды ичине камтыгандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Рухий ишмердүүлүктүн жалпы мазмунунан моралдык аң-сезимди бөлүп кароо, анын табиятын ачуу, талдоо оңой эмес. Моралдык аң-сезимдин изилдөө объектисин аныктоо татаал процесс. Таза моралдык мамилелер тууралуу сөз жүргөн учурда да, ал мамилелерди адам ишмердүүлүгүнүн өндүрүштүк, саясий, экономикалык, маданий, үй-бүлөлүк же башка түрүнөн бөлүп кароого болбойт. Тескерисинче, адамдын жашоосундагы материалдык жана рухий чөйрөсү, саясат жана үй-бүлө, коом жана адам, тиричиликтин кайсыл гана жагы болбосун моралдык талаптар, эрежелер, нормалар менен тескелип турат. Мораль – бул социалдык мамилелердин өзгөчө формасы, ал адам ишмердүүлүгүнүн коомдук тажрыйбасын жөнгө салат.

Моралга гана таандык тартипке салуу өзгөчөлүгү бул, адамдын жосундук иш аракети бир эле учурда, укуктук ченемдер, атайын чөйрөнүн өзгөчө бир көрсөтмөлөрү, эрежелери, социалдык-саясий доктриналар, моралдык ченемдер менен жөнгө салынып багытталат. Андан сырткары адептик жүрүм-турумду тескөөчү атайын институционалдык же иш кагаз формаларына кирбеген, коомдук тажрыйбада иштелип чыккан социалдык

механизмдери бар. Кеп, кылымдар бою калыптанып келген каада-салт, үрп-адаттар, салтка ылайыктуу жүрүм-турумдун адеби. Салттуу адеп эрежелери белгилүү бир даражада мораль менен жакындашып, тектешип турса айрым бир жагынан айырмаланып турат.

Моралдык баалоонун жалпылыгынан улам этиканын предметин аныктоо кыйынчылыгы келип чыгат. Ар бир теориялык дисциплина өз изилдөөсүнүн предметин бир бүтүн система катары аныктайт. Мораль бир бүтүн система болуп этиканын предметин түзөт. Аны теориялык жактан аныкташ үчүн моралдын ички элементтерин тактоо зарыл. Биздин оюбузча моралдын зарыл элементтери деп адамдын моралдык жактан бааланган жүрүм-турумун, моралдык мамилелерди жана моралдык аң-сезимди бөлүп көрсөтүүгө болот. Алар бири – бири менен ажырагыс байланышта, бири бирин шарттап турат. Маселен, адамдын кандайдыр бир жосундук иш аракетин, курчаган социалдык чөйрөгө карата мамилеси аркылуу алып моралдык аң – сезим баалодон өткөрөт. Демек, адамдын аң–сезими социалдык тажрыйбанын конкреттүү учуруна ылайык моралдык баа берүү күчүнө ээ. Себеби, моралдык ченемдери, принциптери, жакшылык, жамандык, ар-намыс, уят, адилеттик сыяктуу категориялары тигил же бул социалдык иш – аракетти баалоонун зарыл критерийлери болуп эсептелет. Моралдын мындай түзүмдүк (моралдык жосундук иш – аракет, моралдык мамиле, моралдык аң – сезим) жактары ушундай тартипте бири бирин шарттаганын эске алып аң-сезимдеги ордун аныктайбыз. Эгер алардын бирөө эске алынбаса, анда этиканын предметин аныктоо кыйын. Анткени социалдык иш – аракет, социалдык мамилелер, коомдук аң – сезим сыяктуу түшүнүктөрдүн ички түзүмү өзү татаал көрүнүш.

Моралдык аң – сезимдин ченем (норма), принцип, идеал, түшүнүк сыяктуу элементтери бар. Ченем (норма) – моралдык дүйнө түшүнүүнүн бир формасы, анда жүрүм-турумдун жалпы эрежелери, коомдук талаптар камтылган. Адамдын ишмердүүлгү татаал процесс, демек, моралдык иш – аракет ар тараптуу. Ал жалпы коомдук жакшылык, жамандык сыяктуу түшүнүктөр аркылуу иштейт, моралдык баалоонун мыйзам ченемдүү критерийлери катары кызмат кылат. Жеке адамдын, же коомдук моралдык идеяларында жеке же жалпы ишмерүүлүктүн түпкү максаттары чагылдырылат. Жыйынтыктап айтканда, этиканын предметин аныктоо үчүн моралдык аң-сезимдин структурасын, табиятын талдоо зарыл. Моралдын нормалары, принциптери, түшүнүктөрү жалпы эле коомдук мүдөө талаптар, милдеттер менен тектеш. Моралдык аң-сезимдин табиятын тагыраак тастыктоонун бирден бир жолу анын тарыхый - эмпирикалык өнүгүүсүнө кайрылуу экендигин буга чейинки көптөгөн этикалык изилдөөлөр айкындайт.

## Бап 2. Мифологиялык аң-сезимдин диний-мифологиялык маңызы

**жана натурфилософиялык негизи** аталып, изилдөөнүн илимий-методологиялык аспекттерине, тарыхый-философиялык өнүгүүсүнүн логикалык экспликациясына, ошондой эле жашоо, жашоо үчүн күрөшүү эрки, инстинкт тегиздигинен эс тутумга репродукцияланган, ички өнүгүүсүнөн улам реконструкцияланып жана ойломдук негизде баалулук катары калыптанган адептик түшүнүктөнрдүн (категориялардын) алгачкы мифтик, космогониялык, натурфилософиялык, теистик формаларына арналган. Ал формалардын алкагында протоморалдык түшүнүктөр, категориялар, социоэтикалык парадигмалык ойлордун калыптанышы философиянын тарыхында, диний, этикалык теорияларда чагылдырылгандыгы иликтенет.

Диссертациялык иштин жалпы тутумунан алганда **изилдөөнүн обьектиси** – натурфилософия менен теизмдин репликациялык комбинациясы болгон перипатетикалык этиканын онтологиялык маңызы жана гноеологиялык экспликациясы каралат. Ал эми **предметине** – перипатетикалык этиканын моралдык системасын коцептулдык жактан аңдоонун конкреттү-тарыхый механизми, логикалык инструменттери, жоболору, жана методдору кирет.

**2.1. Этикалык ойломдун тарыхый – философиялык эволюциясы жана моралдык түшүнүктөрдүн архетиптик формалары**

Мораль түшүнүгүнүн пайда болуу процессинин узактыгын, көп кырдуулугун коомдун өнүгүү тарыхы көрсөтүп турат. Бир мезгилде, күнүмдүк тажрыйбадан алган “мораль” термини этиканын кабылдоосунда маанилик эволюциядан өткөн жана өзгөчө формада көрсөтүлгөн. Алгач ал архаикалык, мифтик тилде, моралдын маанисин билдирген түшүнүктөр ирээтинде иштетилген. Мындай түшүнүктөр байыркы мезгилде эле, моралдын теориясы пайда болгондон канча убакыт мурун колдонулган. Демек, моралдын генезисинин тарыхый калыптануусу өзүнө бир нече этаптарды камтыган татаал диалектикалык процесс. Алгач, коомдук аң сезимдин формаларында жаралган жалпы проблематиканын алкагында пайда болушу, утурланып түзүмүнүн туруктальшы, соңунда өнүккөн формасына жетиши.

Диний нукта өнүккөн миф, эрежелерге, үрп-адатка, ырым-жырымдарга мыйзамдык укук берип, моралдын жазалоо функциялары диний-мифологиялык чөйрөдө негизделген. Башкача айтканда, диний-мифологиялык ырымдарга баш ийүү талабын, мифологиялык каармандар социалдык ченемдер, тыюуулар аркылуу уюштурган. Мифологиялык аң сезимдин архаикалык коомдогу моралдын мүмкүнчүлүгү ушундай эле формада болгон.

Адепке байланыштуу маалыматтар алгач табу жана тотем түшүнүктөрүнө алып келет, себеби, тотемдин ичиндеги жашоо табу аркылуу

жөнгө салынган. Башкача айтканда, тотемге сыйынган уруунун тыюуусу. Ал ченемдик тыюу ыйык эсептелип тотемге байланыштуу зат, көрүнүшкө жакындоого бөгөт койгон. Моралды изилдөөдө адамдын жүрүм-туруму негизги маселе. Адамдын адеби жакшы жосундук иш аракет же жаман жорук деп оң же терс бааланат. Тотем жашоосундагы жүрүм-турумда эки негизги багытка табу коюлган:

- тотемдик жаныбарды жана бир тотемге тиешелүү адамды өлтүрүүгө тыюу салынат;
- бир тотемдеги эркек, аялга баш кошууга тыюу салынат. Мындай тыюууну канчалык денгээлде моралдык тыюу деп эсептесе болот бул өзүнчө маселе. Себеби моралдык талапты адам өз каалосу менен кабылдаш керек жана башка адамдардын пайдасына аткарылыш керек деген көз караш айтылат. Табу, адамды өлүм коркунучу алдында, мажбурлап, тыюууларды сактатат. Анда тандоо эрки жок. Демек мифологиялык ойлом үчүн мораль, бул табияттан тышкары турган күчтөр мыйзамдаштырган тыюуулар аркылуу жүрүм-турумдарды ченемдик жөнгө салуу бирдиги болуп эсептелет.

Алгач, мифологиялык ырым-жырымдарда убакыттагы адамдын жаралуусу моралдын келип чыгышын аныктап турат. Диний-мифологиялык көз караштa эң ыйык чекит-башат бул, убакыт жана мейкиндикте так белгиленген “жараткан” принциби (акт творения), анын өзү уңгусунан жакшылык. Аныкталган убакыт башат катары кабылданат, ошол эле учурда, болмуштун жаралуусунун тегинде моральдык жыргалчылык (благо) жатат. Айлана чөйрөнүн жаралуусу бул ырахат. Айтылгандай, моралдык жыргалчылык же ырахат (жогорку баалулук, адептик жакшылык) убакыт жана мейкиндикте болмуштун жаралуусунун чекити. Дүйнө түзүмдүн түзүүчү элементи.

Ошентип, мифтик этикалык идея – бул, чынында эле, адеп-ахлактын тарыхый формасы, ал мезгилдин рухун жана белгилүү бир тарыхый мезгилде белгилүү маданияттын же коомдун баалуулуктарын чагылдырат. Мифтер жана уламыштар адеп-ахлактык баалуулуктарды гана чагылдырбастан, аларды коомго жеткирүүнүн жана орнотуунун каражаты катары кызмат кылат. Алар адептүүлүк, адилеттүүлүк, чынчылдык, кайраттуулук жана башка адеп-ахлактык сапаттар жөнүндө сөз кыла алышат. Мындан тышкары, мифтер ар кандай этикалык дилеммаларды чагылдырып, адамдын адеп-ахлагынын ар кандай аспектилерин изилдей алат.

Салттуу маданияттагы коомдун баалулуктары менен ченемдеринин альтернативасыз жашоо ыкмасы болуп ырым-жырымдар эсептелет. Мораль бир маанисинде “күнөөгө батуу”, аң-сезимдин дисгармониялык формасы, бул “мындай болуш керек” жана “чынында кандай” түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырма. Бирок ошол эле убакта мораль адамдагы

жетилбегендикти тазалоо, жеңүү каражаты, анын болмуштук түшүнүктөр аркылуу идеалдык абалга жакындоосу.

Кыргыздардын мифоэпикасы - байыркы көчмөн маданияттын түпкүрүнөн жетилген, табияты татаал фольклордук чыгармалар. Алардын тутумунда мифтерден тартып кийинки доорлордогу тарыхый окуялар камтылган. Көчмөндөр цивилизациясынын дүйнө таанымынын калыптанышындагы болмуштун мыйзамдары жөнүндө ой жүгүртүүсү эмпирикалык байкоолорго негизделет. Дүйнөнү кабылдоо бул таанып-билүү образын түзүү тажрыйбасы. Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы турмуштук-тажрыйбалык жалпыланган билимдердин элементтерин өзүнө сиңирген. Эмпирикалык билим, мифологиялык идеялар, диний ишенимдер, фольклордун ар кандай үлгүлөрү байыркы кыргыздардын дүйнө тааным философиясы катары кабылданат.

### 2.2. Диний этиканын логикалык табияты жана концептуалдык башаты

Диний ишеним адептик чен-өлчөмдөрдүн, баа берүүнүн позициясынан талдана баштагандан, тагыраак айтканда, дин философиялык алкакта иликтенген учурда, арасындагы бир катар маселелерде чечилбеген позициялар бар. Адеп менен диндин өз ара мамилеси – тарыхый көйгөй. Ошол эле учурда дин да, адеп да, адамдын тарыхында, маданияттын рухий өнүгүшүндө жетишкен бир бүтүндүгү экендигин көрсөтүүдө. Мораль менен диндин терең жана ажырагыс байланышы, алардын ортосундагы чыңалган формаларын жокко чыгарбайт, ал маселе карама-каршы эки позициянын калыптануу процессинде чагылдырылат. Кудай болбосо, адеп болбойт деген теисттик көз караште диний адеп-ахлак гана бар, ал эми атеисттик принциптен алганда диндин адеп-ахлаксыздыгы же адеп-ахлактын диний эместиги ырасталат. Диндин догмалары менен катар, адеп-ахлагы болбосо – маанисин жоготот. Бирок диндеги адептин болмушу өзгөчө. Ишеним менен адеп ченемдери бир башатка ээ, ошондуктан диний аң-сезим үчүн Кудайга чындап ишенген адам адеп-ахлаксыз болушу мүмкүн эмес, ал эми ишеними болбосо, чыныгы адеп-ахлактуу боло албайт.

Мораль менен диндин чектешкен тогосу бар. Теодицея проблемасы Батыш Европанын рационалдуу диний философиясына көбүрөөк мүнөздүү болгон. Бул дүйнөдөгү жамандык менен ажалдын бардыгы Кудайдын ырайымдуулугуна жана кудуреттүүлүгүнө шек келтирбейт, тескерисинче рационалдуу түрдө актоого аракет кылат. Башкача айтканда, теодицея көйгөйү – бул жакшылык менен жамандыктын өз ара мамилесинин диний мааниге өткөрүлгөн формасы. Теодицея диний этика үчүн орчундуу маселе. Байыркы философияда теодицея проблемасы стоиктерге жана Эпикурга таандык, ал эми жаңы доордо Лейбницте чагылдырылган. Лейбниц жактаган «алдын ала

белгиленген шайкештик» идеясы «Кудайдын детерминизми» вариантын билдирет, анда онтологиялык жактан жамандыктын, адилетсиздиктин болушу мүмкүн эмес. Лейбництин пикирине ылайык, баардыгы – Кудайдын эрки кепилдик болгон бакытка алып барат. Теодицея сунуштаган чечимдер философиялык позициядан бааланган эмес, анткени ишенбестик, шектенүү дүйнөдө дайым өкүм сүргөн.

**2.3. Фундаменталдуу исламдагы универсалдуу теотүшүнүктөрдүн моралдык этикалык экспликациясы**

Диний-этикалык изгилик түшүнүктөрүн талдоодон улам фикхтеги жана этика илиминде калыптанган категорияларды салыштыруу актуалдуу маселе. Исламдын салттуу таалиматында төмөндөгүдөй принцип калыптанган: “Суннага Куран түшүндүрмө берет, Куранга сунна түшүндүрмө берет” [41, 204 - б.]. Айтылуу принцип укуктук-этикалык ченемдерди ыйык Курандан, суннадан алып чагылдырууда колдонулат. Куран менен сунна бир биринен ажырымда мусулман этикасынын негизи боло албайт. Курандын сүрөөлөрүнүн үзүндүлөрүн экзегезалык түшүндүрүүдө татаал эрежелерди жана сунннаны билүү зарыл.

Демек, Куран менен сунннанын үзүндүлөрү жалпысынан мусулман этикасынын ченемдик ыраатынын негизин түзөт. Башкача айтканда, алар, мусулман этикасынын өзөктүк, борбордук инварианттык бөлүгү. Ал эми, коюлган фундаменттин үстүнө мусулман этикасынын негиздөөчү принциптерин кабыл алган этикалык теорияларды, адеп, ахлак жөнүндө ой жүгүртүүлөрдү айткан таалиматтар жайгашкан. Мисаалы, 1. Кадариттер менен жабариттердин адамдын кыймыл-аракетиндеги автономия [42] тууралу теориялык дэңгелдеги талашы. Калам (кадариттер агымы) өкүлдөрүнүн пикиринде адам өзүнүн кылган кыймыл-аракетине этикалык баа берип жана жоопкерчилигин мойнуна алат. Демек анын жосундары автономдуу. Ал эми кыймыл аракетти жүзөгө ашыруу үчүн шыктуулук, мүмкүнчүлүк (способность) жана кудурет күч (могущество) зарыл. Бул кыймыл – аракет, амалдын негизги шарты. Аракет, амалды ишке ашыруу үчүн шык, мүмкүнчүлүктөн чыккан кудурет керек. Калам (жабариттер агымы) боюнча адамдын кудурет күчү эркин кыймыл-аракетинде чагылдырылып турса да ал кудурет күчтү ээликке Кудай энчилеген. 2. Салттуу араб-мусулман маданиятында белгилүү “адаб” (адеп) – сыпаалык, түзүктүк жөнүндө ой жүгүртүүлөр жайылган.

Укуктук чогултма аталган “фикхте” [44] сыйынууда жасалган (ибадат) амалдарга ниет кылуу өзүнчө каралат м: даарат алуу, сыйынуу, зекет берүү, ажылык, орозо сыяктуу аракеттерде. Ошондой эле, адамдардын өз ара мамилесинде, укуктук-соттук чечим чыгаруучу иштерде: келишим түзүүдө, үйлөнүүдө, ажырашууда, соода-сатыкта ж.б. Кандай гана амал болбосун аны

туура, таза ниет жандап жүрүүсү зарыл. Амалга карата ниети жок, же туура эмес болсо, анда ал иш аракет жокко чыгарылат. Бул жалпы жобо диний ырым жырым эмес, укуктук иштерге да тиешелүү. Жобонун дагы бир шарты, иш аракет учурундагы ниет акырына чейин сакталыш керек, болбосо ал дагы жокко чыгарылат.

Максаты боюнча фикх менен жакын турган исламдагы этикалык ой анын ченемдик баалоо системасын пайдаланат. Алар, беш категорияга (“хамсат ахкам” - деп каралат) бөлүнөт: 1.Милдеттүү, сөзсүз аткарылуучу (важиб, фард), 2. Сунушталганы (мандуб, сунна), 3. Көңүл кош (мухаб), 4. Сунушталбаганы (макрух), 5. Кечиримсиз (харам, махзур). [45]

Аткара турган жосундарды ишке ашыруу керек, болбосо жазасын аласың. Жогорудагыдай бөлүштүрүүнүн негизинде буйрук, тыюу, жаза, урмат көрүү Курандагы сүрөөлөрдөн, суннанын негизинде аныкталат. Амалдын (иш аракеттин) сунушталганына же тыюу салынып, жазаланганына жараша жорук-жосундун категориалык орду аныкталат. Милдеттүү (важип) жосундарды аткаруу сунушталат жана урматталат, аткарбай коюу жазаланат. Кечиримсиз (арам) жосундарды аткарбоо урматталат, иш жүзүнө ашыруу жазаланат. Сунушталган жосундарды аткаруу урматталат, ал эми аткарбай коюу жазаланбайт. Сунушталбаган жосундарды аткаруудан сактаныш керек, бирок, аны ишке ашырса жазаланбайт, ал эми тартынуу урматталат. Көңүл кош жосундардын алкагына киргендерди аткаруу же аткарбай коюу адамдын өз эрки, ал жосундар жөнүндө фикхте ой айтылган эмес.

Этика менен фикхтин изилдөө предмети жана баалоо системасындагы айрым окшоштуктарынан улам, алар бирдей деп эсептөө туура эмес. Дал ушул эки маселе боюнча этика өзүн фикхтен айырмалап турат. Жогоруда айтылган “Көңүл кош” (Мухаб) категориясы фикхтин динний-юридикалык жөнгө салуу формасында сындалып каралбайт. “Көңүл кош” жосундардын аткарылышы же аткарылбашы фикхте каралбаганы менен этиканын көзөмөлдөө чөйрөсүнүн алкагына кирет, б.а. “Көңүл кош” жосундар жакшы (хасан) же жаман (кабих) деп бааланат. Алар бинардык баалоо системасына кирет. Калам агымынын пикиринде өз баасын албаган “Көнүл кош” жосундар болбойт, аткаруу-аткарбоо дихотомиясы универсалдуу - же урматталат же жазаланат.

Исламдын “ишеним” таалиматында диндин рухий да, күнүгө аткаруучу парыздары да зарыл талап. Андан баш тартуу рухий зыяндуулукка алып келет. Дал ушул себептен Исламда “ниет” түшүнүгү артыкча мааниге ээ. Адамдын ар бир кыймыл аракети, кылык - жоругу бул эрежеге туура келиш керек. Мисалы: намазга беш маал жыгылуу тартип. Ал эми себепке байланыштуу адам намазды убагында аткарганга мүмкүнчүлүгү болбосо анда аны күнөө катары эсептебей, башкысы ниети болгондугу каралат. Шарты

туура келгенде аткарааары белгиленет.

**3.1. Аль Фарабинин фалсафасы: перипатетизм жана теизмдин айкалышы**

Этикалык көз караштардын өнүгүү тарыхында ар кандай багыттагы таалиматтардын айткан моральдык принциптери арбын. Биз бул бөлүмдө орто кылымдагы чыгыш перипатетикалык мектептин көрүнүктүү өкүлү Аль Фарибинин иштеп чыккан адептик түшүнүктөрүнө, этикалык категорияларына талдоо жүргүзүп, сереп салдык. Албетте, диний - этикалык категориялардын татаал чиеленген логико-гносеологиялык формалары, алардын табияты илимий-теориялык тактоолорго муктаж экендиги талашсыз. Ушундан улам, тарыхый-философиялык эпистемологиянын структурасындагы коомдук өнүгүү, мезгил менен мейкиндиктин айкалышы аныктаган моралдык категориялар, түшүнүктөр, парадигмалардын конкреттүү - тарыхый формалары жөнөкөйдөн татаалга карай калыптанып өнүгүп келгени.

Адамдын изгилигинин мүнөзгө тийиштүүсүн этикалык, жана акыл-эске тийиштүүсүн дианоэтикалык деп, моральдык принциптерди үйрөтүүчү илимди Аристотель этика деп атаган. Адамдын мүнөзүнүн жана жүрүм-турумунун эң мыктысы кандай? деген суроого Аристотелдин үч бөлүмдөн турган этикалык таалиматтары жооп берет, алар: жогорку изгиликтер жөнүндө; жалпы изгиликтер жөнүндө; айрым изгиликтер жөнүндө окуулары.

Этика Аристотель тарабынан категория катары классификацияланган түшүнүк иретинде “Никомахтын этикасы”, “Эвдем этикасы”, “Чоң этика” эмгектеринде колдонгон. Ал, башка илимдердин тармактары сыяктуу, этикалык түшүнүктөрдү айкындап, жалпылап чегин аныктап, теориялык жана практикалык көйгөйлөрүн системалык түрдө бөлүп чыккан. Аристотель этиканы турмуштук, тажрыйбалык илим деп аныктоо менен коом жөнүндө илимдердин алкагына киргизип, анын предмети катары – адамдын жакшылыкка умтулган максатын, ал эми максатка жетүүнүн каражаты деп изгиликтерди койгон. Изгиликтер жалпы этикалык жана дианоэтикалык деп ажыратылган. Этикалыкка адеп, эрк изгилиги: эр жүрөк, берешендик ж.б., ал эми дианоэтикалыкка акылмандуулук, эстүүлүк, зейректик ж.б., киргизилген.

Орто кылым доору теоцентристтик көз караштын негизинде бардык окууларды эки диний принципке баш ийдирген: “жараткан” принциби жана “таанылуу” принциби (“акт творения”, “акт откровения”). Философия онтологиялык аспектиси боюнча биринчи принципке, гносеологиялык бөлүгү боюнча экинчи принципке таянуу менен таалимин өнүктүргөн. Адеп-ахлак жөнүндө жазма-айтымдар негизинен бул принциптерге негизделип чагылдырылган. Себеби, “жараткан” принциби (акт творения), анын өзү уңгусунан жакшылык. Аныкталган убакыт башат катары кабылданат, ошол

эле учурда, болмуштун жаралуусунун тегинде моралдык жыргалчылык (благо) жатат. Айлана чөйрөнүн жаралуусу бул ырахат. Айтылгандай, моралдык жыргалчылык же ырахат (жогорку баалулук, адептик жакшылык) убакыт жана мейкиндикте болмуштун жаралуусунун ыйык чекити.

Орто кылымдагы перипатетикалык мектептин өкүлдөрү өз доорунун инсандары болгон. Шариатта айтылган талаптар так аткарылган, ошол эле учурда Аль Фараби ж.б. эрк эркиндиги маселесин, тарбия аркылуу адамдын адеп-ахлагын өзгөртүү мүмкүн экендигин, жакшы менен жаманды ажыратуу маселелерин козгоп, ойлорун айтып турган. Орто кылымдагы Европада илимий-рационалдык этикалык концепциялар дээрлик алдыга жылбаса дагы, мусулмандык Чыгышта диний көз-караштардын басымы болгонуна карабастан, чыгыш перипатетиктери Аристотелдин окуусун уланткан.

Аль Фараби адамдын жаралышын талкулоодо жамандык менен жакшылыкты тандоо мүмкүнчүлүгү адамдын жеке өзүнө байланыштуу экендигин айткан. Айтылган көз караштар кандайдыр бир деңгээлде диний принциптерди сынга алган этикалык таалимат болсо да, диний ишенимдин чегинен чыкпай, жаратκандын бар экенин танган эмес. Айрым окууларда тескерисинче, бул “чыныгы дин”, “тазалануу”, “баштапкы чындыкты калыбына келтирүү” деген позицияларды айтып чыгышкандыгы белгилүү.

Аль Фараби Аристотелдин окуусун улантып өзүнүн философиялык таалиматында этикалык проблемаларга чоң маани берген. Бул маселени ал саясий чеберчилик менен байланышта карап, бирок, бириктирген эмес. “Жарандык философия эки түргө бөлүнөт. Алгач, ал жакшы иш-аракеттер жана алардын себептерин аныктоочу жөндөмдүүлүк. Андан улам адептүү, жакшы жосундук иш аракетти таанып билүү. Соңунда эң сонун нерселер биздин мүнөздүн жакшы касиетине айланат. Аны биз этикалык чеберчилик деп атайбыз” [5, 35]. “Илимдерди классификациялоо” трактатында тажрыйбалык философия жана анын айрым бөлүктөрү боюнча мындай деп жазат: “Бул илим (жарандык философия) эки бөлүккө бөлүнөт. Биринчи бөлүгү бакытты түшүндүрүүнү камтыйт; ал чыныгы бакыт менен кыялдын ортосундагы айырмачылыкты берет. Андан ары шаарларга жана элдерге тийиштүү болгон жүрүм-турум, иш-аракет, адеп-ахлак жана адамдардын жалпы эрк сапаттарын ажыратып карайт. Акырында, аларды изгиликтүү жана изгиликсиз деп бөлөт” [6, 180].

**3.2. “Фарабилик этиканын” концептуалдык маңызы жана теисттик формасы** аталган экинчи бөлүмүндө, Фараби аныктап келген, этиканын түшүнүк аппаратынын философиялык маңызын анализдеп, ички логикалык байланыштарын, гносеологиялык принциптерин тактоого аракет жасалган.

Социо-этикалык көз караштарын өнүктүрүүдө Аль Фараби, салыштыруу жана карама – каршы коюу ыкмаларын колдонгон. Сапаттардын өз ара каршылыгын салыштырууда төгүн терс көрүнүштүн алкагында, оң кубулушту ачууга мүмкүндүгүн айткан. Салыштыруу ыкмасын колдонуп адептин жетилген мыктылыгы менен дененин жетилген мыктылыгын талдап, ага ченем (мера) аркылуу жетишерин айтып өткөн. Жосун менен рухтун аффектилери адамдын адебин түзөт. Адеп жаратылыштан эмес, күнүмдүк адаттан, өнөкөт, көндүмдөн пайда болот. Жагымдуу иш аракет изгиликке, ал эми жагымсыз жоруктар бузукулукка алып келет. Изгилик да, бузукулук дагы адат, өнөкөттөн пайда болот. Изгиликтер интеллектуалдык жана этикалык сапатка бөлүнөт.

1. Этикалыкка: адептүүлүк, эр жүрөктүк, нысаптуулук, берешендик кирет.
2. Интеллектуалдыкка: акылмандык, зейректик, курч акылдуулук кирет.

Адептин негизин түзгөн иш аракеттерди биз, мыкты деп, тең салмактуу чекти сактап турганда гана айта алабыз.

Изгиликтүү жосундагы тең салмактуулук жөнүндө көз карашында Аль Фараби ашепкердик да чектен чыкса жаман сапатка алып келерин айткан. М: Эр жүрөктүк бул жакшы адептик сапат. Ал сапатка коркунучтуу учурда токтоолук кылып, коркпой, иш кылса гана жетет. Ашепке коркпогондук ойлонбостукка, жетишпестик корккотукка алып келет, ал жаман адептик сапат. Эң жакшы адептик сапат Аль Фараби боюнча бул токтоолук. Адамдын рухий дүйнөсүнүн өнүгүү денгээлин Фараби үч категорияга бөлүп карайт.

1. Нарк, кадыр, абийир жагынан эркин кишилер;
2. Айбан сыяктуу кишилер;
3. Табиятынан кул кишилер.

Биринчилер акыл эсине таянып иш жасайт. Экинчилер инстинктин негизинде, жана үчүнчүлөр акылгөйлөр бирок эрксиздер.

Моралдагы себептүүлүктүн (причинность) көйгөйүн чечүүдө төмөнкү суроого жооп издөө менен башталат: эгерде адамдын жүрүм-туруму сырткы, ички себептер менен шартталган болсо, анда кантип адамдын жөндөмдүүлүгү менен анын жоопкерчилигин бириктирип, моралдык тандоо кылса болот?

Бул суроо боюнча ой жүгүртүү процесси тарыхта түрдүү талкууларды, этикалык таалиматтарды жаратты: адамдын эрк эркиндиги менен тагдырдын жазмыш буйругу, башкача айтканда бул дүйнөдө бардык нерсе Кудайдын буйругу менен аныкталат деген теологиялык детерминант, аалам мыйзамдары менен моралдык талаптардын мазмунун байланыштырган космостук телеологиянын этикасын; эволюциялык этика аларды биологиялык эволюция менен байланыштырды; гедонизм жана эвдемонизм

адамдын мыйзам ченемдүүлүктөн тышкаркы табиятынын бакытка жана жыргалчылыкка умтулуусу сыяктуу моралдык ченемдеринин мазмунун түздү.

**3.3. Ар-Разинин этикалык доктринасындагы дианоэтикалык категориялардын натурфилософиялык мазмуну жана теисттик формасы** атуу бөлүмүндө перипатетикалык мектептин этикалык түшүнүктөрү менен дианоэтикалык категориялардын натурфилософиялык негизде функцияланышы иликтенип каралды.

Абу Бакр ар Разинин чагылдырган диний-этикалык категориялары жалпысынан натурфилософиялык өңүттө өнүгүп келген. Адамдын акыл-эске таянган жагымдуу жосундук иш-аракети менен жан-дүйнө, дененин кумарлануусу, ырахаттануусу сыяктуу жагымсыз жоруктардын ортосундагы келишпес күрөшү эсептелет.

Ушуга байланыштуу этиканын негизги түшүнүктөрү Абу Бакр ар-Разинин концепцияларында эки топко бөлүнөт:

1) Оң бааланган жүрүм-турум түшүнүктөрү – асылзаттык, айкөлдүк, чынчылдык, ак ниеттик, жакшылык, адилеттүүлүк, тазалык, жазыксыздык, берешендик, боорукердик, ырайымдуулук, сабырдуулук, уялчаактык ж.б.;

2) Терс бааланган жүрүм-турум түшүнүктөрү – жамандык, чыккынчылык, зомбулук, кыйноо, эзүү, кысымчылык, аракечтик, ызакордук, көрө албастык, сараңдык, кастык, душмандык, ачуулануу, каардануу, калп, ач көздүк, сорготук, арам ойлуулук, кара санатайлык ж.б.

Абу Бакр ар-Разинин этикалык системасында жакшылык категориясы дианоэтикалык, акыл-эс жана адамдын табигый ички сезимдик кабылдоолору менен тыгыз байланышкан. Ойчул өзүнүн доорундагы социалдык-саясий маселелерди адамдардын жакшы, асылзат жүрүм-турумун пайдалануу менен жашоо-турмушта зарыл болгон талаптарын чечүүгө аракеттенет. Жакшы жосундук иш аракет коомду гүлдөтүп, өнүгүүгө алып барат, калыс, изгиликтүү коомго айлантат. Ойчулдун пикиринде акылмандар гана жакшы адеп-ахлакка ээ, ошондой мамилени башкалардан да талап кылышат. Акылмандар, такшалган окумуштуулар сыяктуу жалпы пайда үчүн адамдарга насаат-кеңешин айтышкан. Бирок, зомбулук, запкылык жана булганыч саясат жолуна түшкөндөр акылмандардын кеңешин укпайт, аларды тоготпойт. Жакшы жосундук иш-аракет аркылуу адам өзүндөгү асылзат сапатты өнүктүрөт, ар кандай заардуу күчтөрдөн жана жолдон чыккан адамдардын залалынан өзүн коргой алат деп философ күбөлөндүрөт.

**Бап 4. Ибн Синанын натурфилософиясы: социоэтикалык түшүнүктөр жана теисттик сегменттер** аттуу бапта ойчулдун адамдагы жосундук иш аркеттериндеги турмуштук этикалык парадигмалардын берилиши иликтенип, дианоэтикалык принциптердин теистик-

натурфилософиялык табияты талданды.

### 4.1. Ибн Синанын натурфилософиялык этикасы жана анын өзгөчөлүгү

Философиянын тутумундагы практикалык жана теориялык илимдерди системалаштырууда, өз ара аракети менен байланышын белгилөөдө Ибн Сина, этикалык окуу негизги орунду ээлерин так белгилейт. Этика адамдын интеллектуалдык жана адеп-ахлактык жетилүүсүнө билим берген илим деп карап, анын (адамдын) чындыкка жетишин шарттайт.

Ибн Сина этика илиминин башкы максаты жана милдети, предмети жөнүндө ой жүгүртүүдө көптөгөн варианттарын учуратабыз, анда ойчул өзүнүн илимий классификациясына жараша этиканын илимдеги ордун, маани-маңызын чечмелеп түшүндүрөт.

«Чыгыш таануучулардын логикасы» («Логика восточников») китебинде Ибн Сина этиканы «адам бул дүйнө менен тиги дүйнөдө бактылуу болуш үчүн эмне керекти үйрөткөн» илим катары аныктайт. Башкача айтканда, этика өз алдынча, же Кудай тарабынан, же адам болмушунун трансценденттик өзгөчө өлчөмдөрү тарабынан, же «өзүнө таандык абалдар» тарабынан берилген «парзды» камтыйт. Адамдын жеке адеп-ахлактык жүрүм-турумуна тиешелүү болгон практикалык кызыкчылыгы, анын бул дүйнөдө гана эмес, тиги дүйнөдө да бактылуу болууга умтулуусунда турат. Мындан улам, этика адаттан башкача татаал талаптарды коюш керек, ошондо гана адеп-ахлак өзүнүн жөнгө салуучу жана тазартуучу ролун аткара алат. Этика илим катары, адам баласы жан дүйнөсүнүн аффектисинен тазаланып, бул жана тигил дүйнөлөрдө бакытка жетиши үчүн, эң маанилүү элементи, адамдын мүмкүнчүлүктөрүнүн көрүнүшү болот. «Парз жөнүндө ойлонуу» өзгөчөлүгүн жоготпостон, этика, адамдын турмушта (бактылуу болуу) стратегиясынын олуттуу куралы болуп калат. Ибн Сина этика илиминин жаратуучу маани-маңызын жана анын гуманисттик багыттоосун эске алып, предметине «парз жөнүндөгү түшүнүктөргө барып такалган адеп-ахлак көрүнүштөрүнүн кеңири катмарын кошот жана ушул үлгүнү жетекчиликке алып, этиканын негизги милдеттерин жана «адамдын адамдыгынын чыныгы парзын» аныктоого умтулат.

### 4.2. «Акыл-эс», «эрк» жана «адеп» түшүнүктөрүнүн авиценалык формалары

Орто кылымдардагы ойчулдардын, анын ичинде Ибн Синанын эмгектеринде козголгон көгөйлүү маселелер көрсөткөндөй, өзгөчө социалдык, тарыхый шарт, социумдун чөйрөсүндө учурдун талабына жооп бергендей диний-этикалык баалулуктарды иштеп чыгууга түрткү берген.

Адамдын коомдогу турмушунун оң, терс көрүнүштөрү жалпы аталган жакшы, жаман түшүнүктөрүнүн алкагында баалоо системасынан өтүп, жеке

бакыт менен жалпы жыргалчылыктын шайкеш келиши көрсөткүч катары каралган. Перипатетиктин этикалык окуусунда түшүнүктөргө терең аныктамалар берилип, ар тарабынан салыштырып талдоо ыкмасынын негизинде категориялык денгээлге чыккан. Ойчулдун доорундагы моралдын, диний принциптердин негизинде өнүгүшү, орто кылымда жашаган адамдын, коомдун аң сезимине мүнөздүү. Албетте, дин идеологиялык жактан өкүм сүргөн күч болуп саналган коомдо баарын, анын ичинде адептик ченемдерди ички постулаттардан алып чыгып, өзүнө баш ийдирет. Дин индивиддин адептик аң-сезимине жана жүрүм-турумуна таасир тийгизүү үчүн курал катары салтты, коомдук пикирди, ишенген адамдын абийири сыяктуу факторлорду пайдаланат.

Перипатетиктердин социоэтикалык жана башка аспекттерди камтыган философиясында диний компонентке караганда натурфилософиялык көз караштары фундаменталдуу берилген. Тактап айтканда, философтун адептик идеялары моралдык аң-сезимге негизделет. Анын этикалык окуусу метафизикалык нукта болсо да, динге жана диний адеп-ахлакка каршы чыккан дегенди билдирбейт. Ойчулдун пикиринде, адамга табиятынан жыргалчылыкка, жакшы максат менен ырахатка умтулуу ыйгарылган, мындан тышкары, ал абсолюттуу жыргалчылыкка умтулат. Адамдын алгачкы максаты өзүн өркүндөтүүсүндө жана зарыл чындыкты (необходимо сущее) таанууга аракети болуп саналат. Ибн Синанын адепке жана жыргалчылыкка кылган мамилеси этика маселелеринин философиясы контекстиндеги көйгөйлөргө, анын ичинде «Этика жөнүндө», «Сүйүү жөнүндө», «Көрсөтмөлөр жана насааттар» аттуу ж.б. трактаттарында жолугат. «Адам, – деп жазат, Ибн Сина, – диний ченемдерди жана эрежелерди аткарганда, Кудайдын мыйзамдарын улук айткандан өзүн чектебеши керек, өмүр бою денеси жана руху менен Кудайга кызмат кылууда тырышчаактыгын көрсөтүүгө тийиш.

Ойчулдун этикасы, адеп түшүнүгүн, логикалык байланыш ыраатына чейин жеткирген, ошол эле учурда, ал абстракттуу, идеалдуу ой эмес. Бул – рационалдык метафизикалык мүнөздөгү мораль. Мээримдүүлүк принциби боюнча адилеттүүлүктү гана талап кылган конкреттүү адамга арналат. Ибн Синанын этикасы жалпысынан компенсациялоочу кызматты аткарат: ал жер бетиндеги жашоо шартында адилеттик принциби толугу менен турмушка ашырылбаса да, сабыр кылгандарга өлгөндөн кийинки рахатты – түбөлүк жыргалды убада кылат, бирок баарына эмес, Кудайга ыйман келтирип, Кудайдын осуяттары менен жашагандарга берилерин айтат.

### 4.3. Ибн Синанын этикалык категориялогиясынын натурфилософиялык-диний конфигурациясы

Коомдук кубулуштардын процесси ички логикалык дефииницияларды социоэтикалык парадигмаларды, түшүнүктөрдү, жүрүм-турумдунду

чагылдырганда онтологиялык функцияны аткарат. Себеби, коомдогу мыйзамченемдүүлүктөрдүн негизинде моралдык баалулуктардын башаты айкындалып турат. Ибн Синанын коомдук турмушка, ар кандай кубулуштарына моралдык баа берүүсү, аларды адамзаттын түбөлүктүү баалуулуктары менен өлчөөгө умтулуусу болуп саналат. Анын этикалык концепциясы боюнча, адамды адеп-ахлакка тарбиялоодо, чоң роль ойногон борбордук маселелердин бири адам ишмердүүлүгүнүн өзгөчө, татаал проблеманы чагылдырган адеп-ахлактык тандоо жана адеп-ахлактык эркиндик көйгөйү болуп саналат. Анын этикалык теориясында адеп-ахлак адамдын тандоо эркиндиги менен тыгыз байланышта каралат, анткени анын (адамдын) тандоосу менен адептик тарбиянын негизги максатын турмушка ашыруунун субъективдүү өбөлгөлөрүнө тыгыз байланыштуу. Ибн Сина бул теориясынын негизинде тарбиячылардын коюлган темада диалог түзө билүүсүнө, адамды тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн тандоо эркиндигинин маанисин түшүндүрө билүүсүнө негиздейт.

Ойчулдун чыгармаларында инсандын тандоо эркиндигинин философиялык негиздемеси ал байланышкан ички жана тышкы факторлорду сөзсүз түрдө талдоону талап кылат. Философия, өзгөчө анын этиканын формасындагы теориялык бөлүгү, адамдын өнүгүшүнүн социалдык, диний, экономикалык шарттарын талдоодо жалпы социологиялык жоболорду изилдөө менен чектеле албайт. Ошол эле учурда социалдык чөйрө адамдын өз тандоосун турмушка ашыруунун зарыл шартын билдирет, анткени белгилүү бир социалдык шарттардын алкагында гана адамдын тандоосу өзүнүн конкреттүүлүгүнө ээ болот.

## КОРУТУНДУ

1. Гегель Аристотелге шилтеме келтирип, адилет белгилегендей рухий кубулуш катары эң жөнөкөй формадан эң жогорку формага айланганга чейинки аң-сезимдин, акыл-ойдун өнүгүү жолу бир кылка эмес, жана узак мезгилди камтыйт. Аң-сезимдин тарыхый баштапкы мифтик формасы куюлма, ажырагыс биримдик катары рудименттик сциентистиканын, башталма билимдин, эмоционалдык дүрмөттүн бүтүндүгү болгон. Мифтик “ойлом” реалдуулук менен ирреалдуулуктун, чыныгы болумдук белги-касиеттер менен фантастикалык элестердин жуурулушу болуп эсептелет жана изоморфтук мүнөзгө ээ. Ал - табияттын, жандүйнөнүн, рухтун ажырагыс биримдиги. Мифтердеги катмарлуу этикалык философемалар өз-ара координацияланып (суббординацияланып) сырттан таңууланган касиеттүү эрежелерге айланган. Ал эрежелер коом-турмуш койгон талаптарга карата аң-сезимдин стихиялык рефлексиясы болгон. Мифтик аң-сезимдин башаты - иррационалдуулук эмес, анын түпкүрүндө социалдык кыймылдын бирден-

бир өктөм фактору болгон байыркы пенде муктаждыгы (потребность) жатат. Мифий этика тексиз жерден, кокусунан эле жаралган жок, байыркы аң-сезим торолгончо ал императивдик мүнөзгө ээ болгон эмес. Ыңгайлашуу, ылайыкташуу, үйрөнүү - тааным эле эмес, моралдын да башаты, этикалык талаптар көр сезим, баёо туюм аркылуу (подсознательно) стихиялык жол менен калыптанган. Миф тааным процесси менен жалгашаары талашсыз, ал коомдук өнүгүштүн алгачкы көрүнүшү катары субъект-объектин, предмет-белгинин, нерсе-сөздүн, жалкылык-жалпылыктын барабарлыгын, айырма-окшоштугун, өтмө-катар табиятын элес албаган гносеологиянын сезме-эмоционалдык (чувственно-эмоциональный) баскычы менен байланыштуу. Айрым алынган сөз элес (представление) өзү көрүп-билип турган нерсе менен кебетелештирилип (тождество), образдуу-предметтүү ой жүгүртүү үстөмдүк кылат. Байыркылардын пикиринде, сөз предметтин сөзсүз болушун шарттап турат (сөз бар болсо ал туюндурган, атаган нерсе да болуш керек). Байыркы аң-сезим алгачкы, предметтештирилген түшүнүктөрдү сын-сыпатына жараша бири-бири менен өтмө - катар байланыштыра алган эмес. Ал (байыркы аң-сезим) сырт дүйнөнү сезип-туюу деңгээлинде кабылдаган жана анын чындыгы (достоверность) же салыштырмалуулугу жөнүндө шектенген эмес.

2. Байыркы аң-сезимдин мифтик, диний-мифтик, диний формалары моралдык-этикалык канондордун байыркы тарыхый баё, бейаң жоболорун аныктап турат. Мифий моралдык философемалар - диний этикалык эрежелердин башаты, логикалык жана гносеолгиялык жактан алар өз-ара жуурулушуп, синкреттик симбиозду шарттап турат. Моралдын диний формасы тааным процессинин мифий боолгодон кийинки баскычы, “этикалык логостун” системалык деңгээлге көтөрүлгөн жана Абсолют менен байланыштырлган түрү. Мифий жана диний моралдык постулаттар өз-ара уникалдуу жана ошол эле убакта бири-бири менен маанилеш – алар космогониялык жана антропогондук мүнөзгө ээ жана өздөрү тиешелүү коомдук түзүмдүн аткарууга милдеттендирилген этикалык эрежелери болуп эсептелет. Моралдын мифтик жана диний типтери коллективдүү аң-сезимдин формасы катары дээрлик ритуалдык функцияга ээ жана образ, символ жана метафоралардын кеңири колдонулушу менен айрымаланып турат. Эгерде мифий аңсезим табияттын кубулуштарын түшүндүрмөлөөгө багытталса, диний аңсезим кудайдын көрсөтмөлөрү болгон ыйык канондорду аткарууга багытталган. Ушуга байланыштуу, этикалык эрежелер да табийгый кубулуштар менен (миф) жана ыйык канондор (дин) мен байланыштырылган. Мифий мораль тарыхый кырдаалга жараша өзгөрмөлүү келсе, диний мораль консервативдүү мүнөзгө ээ.

3. Адеп-ахлак өзүнүн табияты боюнча философиялык макамга ээ: философия моралдык, мораль философиялык мазмунга эгедер.

Преиптатетикалык этика да философиялык мазмунга ширетилген, анткени ал адамдын адамдык беделин аныктап турат. Философия изгилик перипатетикалык этиканын теориялык моделин түзсө, изгилик этика перипатетикалык дүйнөтаанымдын мазмунун түзөт. Жамандык менен жакшылык деген эмне? теңдик менен калыстыктын зарылдыгы эмне менен түшүндүрлөт? коомдук түзүмдүн толук кандуу сакталып турушу үчүн пенденин алдына кандай милдеттер коюлган? деген түйүндүү суроолор перипатетикалык этиканын филосиялык маңызын түзгөн логикалык координаттар. Перипатетиктердин пикирине ылайык, эгерде мораль аткарууга милдеттендирилген эрежелердин топтому болсо, философия аларды аңдоонун концептуалдык инструменти. Философия, моралдык талаптар универсалдуу мүнөзгө ээби? же андай эмеспи? деген таклибге да жооп берет. Мындан тышкары фалсафа этикалык эрежелердин автономдуу (ички зарылдык) экендигин же гетерономдуу (сырттан таңууланган) талап экендигин да аныктайт. Адеп-ахлак практикалык философия катары, философиянын өзү менен дал келет. Адам өзүнүн күн көрүүсүнүн жана айыпсыздыгынын маанисинин көз карашында, ааламдын чектүү маселелери жөнүндө ой жүгүрткөн учурда, философиялык ойтолгоонун зарылдыгы келип чыгат. Ошондуктан, философиянын маселелери – бул адамдын өзүнүн күн көрүүсүнүн табышмактуулугу, трагедиялуулугу жана парадоксалдуулугу менен кагылышкан жана бул маселелерди өз алдынча чечүүгө умтулган адамдын адеп-ахлактык көйгөйлөрү болуп саналат.

4. Логика катары түшүнүлгөн диалектика, мунун тескерисинче, диалектика катары түшүнүлгөн логика ар кандай эле философиялык концепция, ал илимде белгилүү бир доорду түзгөнүнө карабай, философия тарыхынын жалпы жолунан сырткары, кокустан, күтүүсүздөн пайда болбойт. Ошол себептүү ар кандай эле философиялык окуулардын ортосунда байланыш болуп, алардын ар бири өзүнөн мурунку окуулар менен тыгыз карым-катышта болот. Алардын ортосунда, Гегелдин сөзү менен айтканда, өзгөчөлүккө караганда жалпылык көп болот. Адамзат ой жүгүртүүсүнүн спираль өңдүү өзүнүн баштапкы чекитине кайрылып келүүсү, "өткөндүн" башка жаңы доордо, жаңы кыртышта кайрадан кайталанышы философиялык ойлордун жөнөкөйдөн татаалга карай өнүгүүсүн мүнөздөйт.

5. Орто кылымдардагы байыркы адамдардын жашоосунда Батыштагыдай эле Чыгышта да коомдук аң-сезимдин бардык эле формаларын өзүнө камтыган диндик идеология үстөмдүк кылган. Ф. Энгельс белгилегендей, ошол эле учурда кудайлык касиеттер "бир эле учурда саясий аксиома болуп саналган". Мусулман өлкөлөрүндө ыйык китеп болуп саналган "Куранда" чогултулган шариат жоболору мыйзам катары колдонулган. Кудай таануу "адамды дайыма айланып жүргөн иллюзиялык нерсе катары

адамдардагы социалдык сезимдердин өнүгүүсүнө бөгөт болгон. Ал коомдук аң-сезимди ууландыруу менен философиялык ойлордун өнүгүүсүн кечеңдеткен. Бул мезгилде прогрессивдүү окуулар орто кылымдагы диндик тумандан өтө кыйынчылык менен оз жолун тапкан. Мына ушундай коомдук атмосферада философиялык доктриналар да өзү менен бирге, ошол эле учурда диндик көз караштыкошо алып жүрүүсү негизги талап болчу.

6. Орто кылымдагы маданият, анын ичинде Жакынкы жана Ортонку Чыгыш элдеринин философиясы "ошол мезгилдеги Европа маданиятына салыштырмалуу алда канча жогору болгон" (58; 21). Бул аймакта ар түрдүү идеялык, тарыхый-философиялык агымдар: перипатетизм, калам, суфизм ж.б. жашаган. Алар бир мезгилде, бир аймакта пайда болгондуктан, алардын бири-бирине өтмө катар өтүшүп туруусу жана бири-бирине таасир этүүсү объективдүү нерсе болчу. Орто кылымдагы философияда жетектөөчү багыт болуп перипатетизм эсептелип, анын негизги өкүлдөрү аль-Кинди, аль-Фараби, ар-Рази, Ибн Сина жана Ибн Рушд болгон. Алардын тарыхый салымы болуп, философия жана табигый илимдер тармагы боюнча антикалык традицияларды андан ары өнүктүрүү эсептелет. Алар тарабынан мурда антикалык философияда каралбаган бир катар жаңы проблемалар коюлуп, иштелип чыккан.

7. Перипатетикалык этиканын жакшылык жана жамандык (“жакшы” жана “жаман”) түшүнүктөрү – нарктуулуктун түйүндүү туюнтмасы бүтүндөй перипатетикалык дүйнөтаанымдын өзөктүү тамыры. Концептуалдык диапозону алда-канча кеңири, маңызы терең бул түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагында жаңы доорго чейинки тарыхый-логикалык таанымдын катмарланган парадигмалары камтылган. Ошондуктан алар бир эле убакта чагылдыруунун, таанымдын, мамиленин, баалоонун, табияттан сырткаркы күчтүн формалары катары көрүнөт. Бирок барып-келип, бул фундаменталдуу этикалык экилтиктин (изгилик менен жамандык) өз ара айкалышы коомдук өнүгүүнүн деңгээлин аныктайт.

8. Авиценна жакшылык менен жамандык адамдын акылына жана эркине тиешелүү сапаттар деп эсептеген. Ал адамдын жан дүйнөсүндө үч түрдүү каалоо бар: негизги, ортодогу жана асыл. Негизги каалоолор физикалык муктаждык, сезимдик ырахаттар менен байланышкан каалоолорду канааттандыруу. Ортодогу каалоолор байлыкка, атак-даңкка, бийликке жана кадыр-баркка жетүү. Асыл каалоолор, Авиценнанын айтымында, чындыкты, рухту издөө менен байланышкан. Ибн Сина адамды денеси менен руху байланышта болгон жандык катары караган. Рух, Ибн Синанын пикири боюнча, адамдын эң жогорку бөлүгү болуп саналат жана акыл, эрк, эс тутум, элестетүү сыяктуу түрдүү жөндөмдөргө ээ.

9. Ибн Синанын таалиматында абийир, адеп баалуулуктары жана

милдеттер жөнүндө тубаса билимдин түрү катары каралат. Ал адамда адеп-ахлак принциптерди түшүнүү, конкреттүү кырдаалдарда колдонуу үчүн тубаса жөндөм деп аныктайт. Бул жөндөм акыл-эстүү жана адептүү болгон жандын табиятынан келип чыгат. Ибн Сина боюнча абийир, интуитивдик сезим эмес, тескерисинче, адамдын жосундук иш-аракетинде эмне туура, эмне туура эмес экенин аныктоо шыгын берүүчү интеллектуалдык жөндөм. Туура жүрүм-турум жана абийир адамдын руханий жашоосунун ажырагыс бөлүгү, анын бакубат өмүр сүрүп, бактылуу болушунун негизги касиети.

10. Мораль (адеп-ахлак) тез-заматта калыптана калбайт, ал абстрактуу кубулуш эмес, ошондой эле конкреттүү-тарыхый нерсе менен да чектелбейт. Адеп-ахлак абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн, жалпылык менен жекеликтин өз ара жалгашкан айкалышы. Жаман эмес, жакшы деп сыпатталган билим-илим моралдын тикеден-тике көрүнүшү эмес, бирок катализатору. Моралдык-этикалык түшүнүктөрдүн жандуу диалектикалык табияты мына ушунда.Перипатетикалык этиканын жакшылык жана жамандык (“жакшы” жана “жаман”) түшүнүктөрү – нарктуулуктун түйүндүү туюнтмасы бүтүндөй перипатетикалык дүйнөтаанымдын өзөктүү тамыры. Концептуалдык диапозону алда-канча кеңири, маңызы терең бул түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагында жаңы доорго чейинки тарыхый-логикалык таанымдын катмарланган парадигмалары камтылган. Ошондуктан алар бир эле убакта чагылдыруунун, таанымдын, мамиленин, баалоонун, табияттан сырткаркы күчтүн формалары катары көрүнөт. Бирок барып-келип, бул фундаменталдуу этикалык экилтиктин (изгилик менен жамандык) өз ара айкалышы коомдук өнүгүүнүн деңгээлин аныктайт.

11. Аристотелдин окуусун улантып, аны жаңы тарыхый кырдаал-шартка ылайык өнүктүргөн чыгыш перипатетиктеринин аль-Кинди, аль-Фараби, ар-Рази, Ибн Сина жана Ибн Рушд философиялык системасын, алардын тиешелүү трактаттарын анализдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жалпылоолор аныкталды: жалпы моралдык-этикалык эреже-түшүнүктөр субъективдүү кубулуш катары предметтүү дүйнөнүн конкреттүү жагдайларын, мамилелерин жана байланыштарын чагылдырат жана ушундан улам, алар, коомдук болмушту рухий өздөштүрүүнүн логикалык каражаты болуп эсептелет. Перипаттеикалык этиканын дүйнөкараштык пайдубалын объективдештирүүчү философия менен субъектин объективдештирүү ыкмасынын синтези түзөт. Этикалык “Абсолют” – “Башмаңыз” (Первосущее) – өзүнөн өзү аныктайт, анткени анын маңызы менен кубулушу төп келет, ошондуктан ал абсолюттук мораль, физикалык метафизика перипатетикалык этиканы онтологиялаштырат. Этика перипатетиктердин интерпретациясында дүйнөкараштык, гносеологиялык жана логикалык функцияны аткарат. Ойчулдардын окуусундагы илимий-теориялык чектелгендиктери (онтология

менен логиканын айрым ажырымдыгы) негизинен тааным процессинин тарыхый - конкреттүү мүнөзү менен түшүндүрүлөт.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Алымкулов З. А. Традиционная этическая система оценок в исламе [Текст] / З. А. Алымкулов, // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Бишкек, 2015. - Выпуск №11. - С. 172-174 с. [Электронный ресурс] – Режим доступа : https://elibrary.ru/item.asp?id=32769660 - Загл. с экрана.

2. Алымкулов З. А. Этические учения в исламе и категории добродетели [Текст] / З. А. Алымкулов // Известия ВУЗов Кыргызстана -Бишкек, 2017. - Выпуск №5-1.- С.147-149 [Электронный ресурс] – Режим доступа:https://elibrary.ru/item.asp?id=29958880 - Загл. с экрана.

3. Алымкулов З. А. Из исторических парадигм этического мышления: религиозный аспект [Текст] / З.А.Алымкулов //Alatoo Academic Studies.- Бишкек, 2017. –Выпуск №3. С.373-376 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=30094059 –Загл. с экрана.

4. Алымкулов З.А. Мифоэпические формы нравственности [Текст] / З. А. Алымкулов // Вестник Северо-Восточного федерального университета им. М.К. Аммосова. Серия: Эпосоведение,- Якутск, 2017.- Выпуск № 3 (7).- С. 68-72. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=30079462 –Загл. с экрана.

5. Алымкулов З.А. К эпическим источникам нравственных ценностей [Текст] / З.А.Алымкулов // Молодой ученый -Бишкек, 2017.-№ 4-2-С.16-18. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28395345- Загл.с экрана.

6. Алымкулов З. А. Природа морального сознания и его мифологические истоки [Текст] / З. А. Алымкулов // Вестник Международного Университета Кыргызстана.- Бишкек, 2018.- № 4 (37).- С.99-103. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=42443488 – Загл. с экрана.

7. Алымкулов З.А. К социальной доктрине "Второго учителя" [Текст] / З. А. Алымкулов // Наука без границ. - Москва, 2018. Выпуск № 5 (22). С.118-121. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35086603- Загл. с экрана.

8. Алымкулов З.А. Традиционные нравственные ценности: историко-философский анализ [Текст] / З. А. Алымкулов // Наука без границ. – Москва, 2018. Выпуск № 5 (22). С.125-128. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35086606 - Загл. с экрана.

9. Алымкулов З. А. Чынгыз Айтматов и эпос "Манас": гордость за

величие духа [Текст] / З. А. Алымкулов, Н. Ж. Абалова // Вестник дипломатической академии министерства иностранных дел КР им. Казы Дикамбаева. - Бишкек 2018. Выпуск № 9.С.168-175. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=38166028 – Загл. с экрана.

10. АлымкуловЗ. А. Перипатетикалык этиканын классикалык мүнөзү [Текст] / З. А. Алымкулов, А. Т. Самыйканов // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. –Бишкек, 2020.- Выпуск - №1 С.207-211 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=45653835 – Загл. с экрана.

11. Алымкулов З.А. THE GOLDEN RULE OF MORALITY: HISTORICAL-PHILOSOPHICAL ANALYSIS Synesis, v. 15, n.4, 2023, ISSN 1984-6754© Universidade Católica de Petrópolis, Rio de Janeiro, Bras / З. А. Алымкулов, А.А. Бекбоев, М.М.Амердинова, А.Т. Самыйканов, Т.Ж. Жумагулов, – Режим доступа: https://seer.ucp.br/seer/index.php/synesis.

12. Алымкулов З.А. К философско-этическому истолкованию труда (в тезисных реконструкциях) З.А.Алымкулов,А.А.Бекбоев // В кн: Мир труда в 21 веке:состояние и динамика человеческого капитала.- Москва, 2023. – С. 44-57 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=67143613

13. Алымкулов З.А. Значение идеологии в условиях современного глобального духовно-нравственного кризиса [Текст] / З.А.Алымкулов, А.Т.Акматалиев, Г.Э.Акматова, Жумакадыр у. М., // Известия вузов Кыргызстан. –Бишкек, 2023. Выпуск № 3 –С.106-111 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54828223

14. Алымкулов З.А. Руханийликтин тутумундагы маданий-адеп-ахлактык аң сезим [Текст] / З.А.Алымкулов, О.А.Тогусаков, А.Т. Акматалиев, Г.Э.Акматова // Кыргызстандын жарчысы.-Бишкек, 2023. Выпуск №1-2 - С.303-309 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=58728808

15. Алымкулов З.А. К понятийному осмыслению сущности труда (этические и философско-психологические аспекты) / З.А.Алымкулов, А.А.Бекбоев // Вопросы трудовых и социальных отношений. - Улан-Батор, 2023/1 - 41-57 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cloud.mail.ru/attaches/17179041941012706398%3B0%3B1?folder-id=0&x-email=zamirbek_a72%40mail.ru&cvg=f

16. Алымкулов З.А. Метафизика традиционной культуры: философская рефлексия З.А.Алымкулов, А.А.Бекбоев, М.Э.Ибраев, // Вестник ЕМУ. – Бишкек, 2023.Выпуск №1. – С.19-27 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://drive.google.com/file/d/1QoDWF7I6tJZ9oNZ7aLXC0kuDnQ3IvV0a/view?usp=drivesdk

17. Алымкулов З.А. Футурология Мораль Вселенная [Текст]: монография. / З.А.Алымкулов, А.А. Бекбоев, К.Ш.Карабукаев, // –Бишкек, 2023.- 252с.

18. Алымкулов,З.А. Понятийная характеристика модернизма и постмодернизма [Текст] / З.А.Алымкулов, А.А.Бекбоев, М.Э. Ибраев, // Международной научно-практической конференции. // Уфа, 2023. – С. 72-79 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50752346

19. Алымкулов З.А Что есть мышление: диалектико-логический дискурс [Текст] / З.А.Алымкулов, А.А.Бекбоев, М.Э. Ибраев, // Известия Национальной Академии наук Кыргызской Республики.– Бишкек, 2023.- №2 -С.155- 163 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=53699900

**Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын издненипи алуу үчүн жазылган “Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези” аттуу диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** этика, мораль, адеп-ахлак, теизм, натурфилософия, моралдык аң- сезим, протомораль, императив, дин, фикх, философиялык категориялар, этикалык категориялар, эрк, эркиндик, бакыт.

**Изилдөөнүн объектиси.** Натурфилософия менен теизмдин репликациялык комбинациясы болгон перипатетикалык этиканын онтологиялык маңызы жана гносеологиялык экспликациясы.

**Изилдөөнүн предмети.** Перипатетикалык этиканын моралдык системасын концептуалдык жактан аңдоонун конкреттүү-тарыхый механизми, логикалык инструменттери, жоболору, жана методдору.

**Изилдөөнүн илимий методдору.** Тарыхый-философиялык, жекеликти жалпыдан алуу, тарыхый салыштырма.

**Иштин илимий жаңылыгы.**

Байыркы мифтердеги космогониялык жана космологиялык дүйнөкараштын өзөгүн түзгөн социалдык элементтер, моралдык ченем-сегменттер, алардын туундусу болгон ырым-жырым, адат, күнүмдүк жосундук иш аракеттер “адамдашкан табияттын” философемалары болуп эсептелет.

Мораль менен дин – өз-ара чиеленишип, өтмө катар чектешкен, концептуалдык жактан тогошкон кубулуш, анткени алар онтологиялык жактан тектеш, гносеологиялык формасы боюнча бири-бирине жакын.

Перипатетикалык этика диний фикх доктринасын болумдук тажрыйбага ылайык рационалдаштырууга аракеттенип, философиялык нукта

моралдык сентенция катары интерпретациялайт. Аль-Фарабинин этикалык системасынын негизин түзүп, андагы жорук-жосун, жүрүм-түрүм сыяктуу болумдук феномендерди аныктап турат. Ар-Рази моралдык парасатты билим менен байланышытырып, билим табышмактуу чындыктын “жарыгы” экендигин, мораль менен акыл түгөйлөш экендигин, туура акыл экчей билген адам сейрек жаңылышаарын баса белгилеген. Абийирдин тазалыгы, акылдын тетиктигине жараша болот; абийир интуитивдүү сезим-туюм эмес, ал интеллкетуалдык жөндөм деп эсептейт Ибн Сина. "Этика - бул туура жана адептүү жашоонун илими жана ал философиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат" деген сентенция авиценалык этиканын концептуалдык негизи болуп эсептелет. Перипатетикалык этиканын Аристотелдик классикалык этика менен байланышы өз мезгилинин энциклопедисттери болуп, орто кылымдагы илимди байытып, антикалык дүйнөдөгү логикалык жана гносеологиялык идеяларды андан ары өнүктүргөн чыгыш перипатетизминин өкүлдөрүнүн жана жалпы эле чыгыш перипатетизминин тарыхый жана теориялык маанисин төмөндөтө албайт.

**Колдонуу чөйрөсү.** Диссертациянын теориялык жоболору философиянын тарыхына арналган эмгектерге колдонуу материал катары пайдаланууга мүмкүн. Диссертациянын негизги жоболору окуу процессинде философия, орто кылым философиясы, диний философиялык атайын курстарда пайдаланышы мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**Диссертации Алымкулова Замирбека Аманбековича "Перипатетическая этика: синтез теизма и натурфилософии"на соискание ученой степени доктора философских наук по специальности 09.00.03 – история философии**

**Ключевые слова:** этика, мораль, нравственность, теизм, натурфилософия, моральное сознание, протомораль, императив, религия, фикх, философские категории, этические категории, воля, свобода, счастье.

**Объект исследования.** Онтологическая сущность и гносеологическая экспликация перипатетической этики как репликационной комбинации натурфилософии и теизма.

**Предмет исследования.** Конкретно-исторический механизм концептуального осмысления моральной системы перипатетической этики, ее логические инструменты, положения и методы.

**Научные методы исследования.** Историко-философский метод, метод частного через общее, историко-сравнительный метод.

**Научная новизна.** Социальные элементы, составляющие основу космогонического и космологического мировоззрения в древних мифах, моральные нормы-сегменты, их производные в виде обрядов, обычаев и повседневных ритуальных действий являются философемами "очеловеченной природы".

Мораль и религия представляют собой взаимопереплетающиеся, концептуально пересекающиеся явления, так как они имеют одну онтологическую и гносеологическую основу.

Перипатетическая этика стремится рационализировать доктрину религиозного фикха в контексте эмпирического опыта интерпретирует ее как философскую моральную сентенцию. Этика Аль-Фараби основывается на этих философских принципах, определяя такие явления, как обычаи и нормы поведения. Ар-Рази связывает мораль с знанием, утверждая, что знание - это "свет" таинственной истины, и что мораль и разум неразрывно связаны; правильно мыслящий человек редко ошибается. Ибн Сина считает, что чистота совести зависит от остроты разума; совесть - это не интуитивное чувство, а интеллектуальная способность. "Этика - это наука о правильной и нравственной жизни, и она является неотъемлемой частью философии" - это сентенция, составляющая концептуальную основу авиценовской этики. Связь перипатетической этики с классической аристотелевской этикой подчеркивает историческую и теоретическую значимость восточного перипатетизма и его представителей, которые были энциклопедистами своего времени, обогатили науку средневековья и развили логические и гносеологические идеи античного мира.

**Область применения.** Теоретические положения диссертации могут быть использованы в работах по истории философии. Основные положения диссертации могут быть применены в учебном процессе при изучении курсов по философии, средневековой философии и религиозной философии.


## ABSTRACT

**Zamirbek Amanbekovich Alymkulov Dissertation for the degree of Doctor of Philosophy in the specialty 09.00.03 - History of Philosophy Title: "Peripatetic Ethics: Synthesis of Theism and Natural Philosophy"**

**Key words**: ethics, morality, ethics, theism, natural philosophy, moral consciousness, protomorality, imperative, religion, fiqh, philosophical categories, ethical categories, will, freedom, happiness.

**Object of Research**. The ontological essence and epistemological explication of peripatetic ethics as a replicative combination of natural philosophy and theism.

**Subject of Research.** The specific-historical mechanism of conceptual understanding of the moral system of peripatetic ethics, its logical tools, principles, and methods.

**Research Methods.** Historical-philosophical method, the method of obtaining the particular from the general, historical-comparative method.

Scientific Novelty. The social elements forming the core of the cosmogonic and cosmological worldview in ancient myths, moral norms-segments, their derivatives in the form of rites, customs, and everyday ritual actions are philosophic themes of "humanized nature".

Morality and religion are intertwined, conceptually overlapping phenomena, as they are ontologically related and epistemologically close.

Peripatetic ethics strives to rationalize the doctrine of religious fiqh in the context of empirical experience and interprets it as a philosophical moral sentence. Al-Farabi's ethical system is based on these philosophical principles, defining such phenomena as customs and norms of behavior. Ar-Razi associates moral wisdom with knowledge, asserting that knowledge is the "light" of mysterious truth, and that morality and reason are inseparable; a properly thinking person rarely makes mistakes. Ibn Sina considers that the purity of conscience depends on the sharpness of the mind; conscience is not an intuitive feeling, but an intellectual ability. "Ethics is the science of right and moral life, and it is an integral part of philosophy" - this sentence constitutes the conceptual foundation of Avicenna's ethics. The connection of peripatetic ethics with classical Aristotelian ethics underscores the historical and theoretical significance of Eastern peripateticism and its representatives, who were encyclopedists of their time, enriched medieval science, and developed the logical and epistemological ideas of the ancient world.

**Application Are.** The theoretical provisions of the dissertation can be used in works on the history of philosophy. The main provisions of the dissertation can be applied in the educational process in courses on philosophy, medieval philosophy, and religious philosophy.

Ченеми 60х84 1/16.
Көлөмү 2,5 б.т. Кагаз офсет.
Офсеттик басуу. Нускасы 100.

ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
Бишкек ш., Манас к., 101
т. 0 708 058 368